قرغيزي

# Ислам акыйдасы жөнүндө кыскача түшүнүк

Islamhouse.com

المحتـوى الإسـلامـي

# Ислам акыйдасы жөнүндө кыскача түшүнүк

شركاء التنفيذ:

دار الإسلام جمعية الربوة رواد الترجمة المحتوى الإسلامي

يتاح طباعة هذا الإصدار ونشره بأي وسيلة مع الالتزام بالإشارة إلى المصدر وعدم التغيير في النص.

Telephone: +966114454900
ceo@rabwah.sa
P.O.BOX: 29465
RIYADH: 11557
www.islamhouse.com

Чексиз Ырайымдуу жана Мээримдүү Аллахтын аты менен

# Кириш сөз

Бардык мактоолор жалгыз Бийик Аллахка таандык. Биз аны даңктап- даңазалап, Андан жардам сурайбыз, Ага тообо кылып,Жана жаман нафсибизден, туура эмес амалдарыбыздын жамандыгынан Анын коргоосун сурайбызАллах кимди туура жолго (хидаятка) баштаса, аны эч ким адаштыра албайт.Ошондой эле, Аллах кимди адаштырып койсо, эч ким аны туура жолго сала албайт.Жана мен: «шериксиз, жалгыз Бийик Аллахтан башка сыйынылуучу зат жок жана Мухаммад анын кулу жана элчиси»-деп күбөлүк беремин.Пайгамбарыбыз Мухаммадка, анын үй-бүлөсүнө, сахабаларына жана аларга жакшылык менен (туура) ээрчиген бардык адамдарга Аллахтын ырайымы жана саламы болсун.

Андан кийин

Тавхид илими илимдердин эң кадырлуусу, эң бийиги жана эң зарылы болуп саналат. Анткени, Тавхид дегени Бийик Аллахты, Анын ысым- сыпаттарын жана пенделеринин үстүндөгү укуктарын билүү деген маанини түшүндүрөт. Тавхид илими Аллахка алып бара турган жолдун ачкычы жана бардык шарияттардын негизи.

Мына ошондуктан, бардык пайгамбарлар Тавхидге даават кылууда бир жол, бир пикирдин үстүндө болушкан. Бийик Аллах айтты

**وَمَا أَرْسَلْنَا مِنْ قَبْلِكَ مِنْ رَسُولٍ إِلَّا نُوحِي إِلَيْهِ أَنَّهُ لَا إِلَهَ إِلَّا أَنَا فَاعْبُدُونِ**

**«Сенден абалкы жиберген пайгамбарларга: «Менден башка сыйынылуучу жок, Мага гана ибадат кылгыла**

**(сыйынгыла) деп кабар кылдык»** *(Анбия сүрөсү, 25-аят).*

Аллахтын жалгыздыгына (Тавхидге) Аллахтын Өзү, периштелери жана илим ээлери күбөлүк беришкен. Бийик Аллах айтты:

**شَهِدَ اللَّهُ أَنَّهُ لَا إِلَٰهَ إِلَّا هُوَ وَالْمَلَائِكَةُ وَأُولُو الْعِلْمِ قَائِمًا بِالْقِسْطِ لَا إِلَٰهَ إِلَّا هُوَ الْعَزِيزُ الْحَكِيمُ**

**«Аллах «Эч бир сыйынылуучу жок жалгыз Анын Өзү бар»-деп күбөлүк берди, жана периштелер менен илим ээлери да адилет менен туруп: «Эч бир сыйынылуучу жок, жалгыз Анын Өзү бар. Ал Күч-Кубаттуу жана Даанышман»- (деп күбөлүк беришти»** *(Аалы Имран, 18-аят.)*

Тавхиддин мааниси ушул даражада улук болгон соң ар бир мусулман, өз динин таза, ишенимдүү негизде куруу үчүн Тавхидти үйрөнүп- үйрөтүшү, анын үстүндө пикир жүгүртүүсү жана ага ишеним сүрөтүндө көңүл бөлүүсү зарыл. Мына ошондо ал Тавхиддин мөмөсүн жана натыйжаларын көрөт.

Автор

*

# Ислам дини

Ислам-Бийик Аллахтын Мухаммад Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) аркылуу жиберген эң акыркы дини. Аллах пенделери үчүн Исламды толук (кемчилиги жок) кылып берип, Ислам себептүү аларга нээмат-жакшылыктардын баардыгын берди жана аларга Ислам гана дин болуусун

каалады. Ошентип, эч кимден Исламдан башка дин кабыл алынбайт. Бийик Аллах айтты:

مَا كَانَ مُحَمَّدٌ أَبَا أَحَدٍ مِنْ رِجَالِكُمْ وَلَكِنْ رَسُولَ اللَّهِ وَخَاتَمَ النَّبِيِّينَ وَكَانَ اللَّهُ بِكُلِّ شَيْءٍ عَلِيمًا

**«Мухаммад, араңардагы эч бир эр кишинин атасы эмес, бирок ал Аллахтын элчиси жана пайгамбарлардын акыркысыдыр»** *(Ахзап сүрөсү, 40-аят).*

Бийик Аллах айтты:

حُرِّمَتْ عَلَيْكُمُ الْمَيْتَةُ وَالدَّمُ وَلَحْمُ الْخِنْزِيرِ وَمَا أُهِلَّ لِغَيْرِ اللَّهِ بِهِ وَالْمُنْخَنِقَةُ وَالْمَوْقُوذَةُ وَالْمُتَرَدِّيَةُ وَالنَّطِيحَةُ وَمَا أَكَلَ السَّبُعُ إِلَّا مَا ذَكَّيْتُمْ وَمَا ذُبِحَ عَلَى النُّصُبِ وَأَنْ تَسْتَقْسِمُوا بِالْأَزْلَامِ ذَلِكُمْ فِسْقٌ الْيَوْمَ يَئِسَ الَّذِينَ كَفَرُوا مِنْ دِينِكُمْ فَلَا تَخْشَوْهُمْ وَاخْشَوْنِ الْيَوْمَ أَكْمَلْتُ لَكُمْ دِينَكُمْ وَأَتْمَمْتُ عَلَيْكُمْ نِعْمَتِي وَرَضِيتُ لَكُمُ الْإِسْلَامَ دِينًا فَمَنِ اضْطُرَّ فِي مَخْمَصَةٍ غَيْرَ مُتَجَانِفٍ لِإِثْمٍ فَإِنَّ اللَّهَ غَفُورٌ رَحِيمٌ

**«Бүгүн мен сиздерге Өз динимди, толук нээматтарымды кемчиликсиз кылдым жана сиздерге исламды гана дин - деп ыраазы болдум» (Маида сүрөсү, 3-аят).**

Бийик Аллах айтты:

إِنَّ الدِّينَ عِنْدَ اللَّهِ الْإِسْلَامُ وَمَا اخْتَلَفَ الَّذِينَ أُوتُوا الْكِتَابَ إِلَّا مِنْ بَعْدِ مَا جَاءَهُمُ الْعِلْمُ بَغْيًا بَيْنَهُمْ وَمَنْ يَكْفُرْ بِآيَاتِ اللَّهِ فَإِنَّ اللَّهَ سَرِيعُ الْحِسَابِ

**«Аллахтын алдында (кабыл болуучу) дин – Ислам»** *(Аалы Имран сүрөсү, 19-аят).*

Бийик Аллах айтты:

وَمَنْ يَبْتَغِ غَيْرَ الْإِسْلَامِ دِينًا فَلَنْ يُقْبَلَ مِنْهُ وَهُوَ فِي الْآخِرَةِ مِنَ الْخَاسِرِينَ

**«Ким Исламдан башка динди кааласа, андан кабыл кылынбайт жана ал акыретте зыян тартуучулардан**

**болуп калат»** *(Аалы Имран, 85-аят).*

Чындыгында, Алла Таала, Өзүнө Ислам дини менен гана сыйынууларын бардык адамдарга парыз кылды. Ал Өз элчисине (ага Алланын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) мындай деп кайрылган:

**أَوَلَمْ يَنْظُرُوا فِي مَلَكُوتِ السَّمَاوَاتِ وَالْأَرْضِ وَمَا خَلَقَ اللَّهُ مِنْ شَيْءٍ وَأَنْ عَسَى أَنْ يَكُونَ قَدِ اقْتَرَبَ أَجَلُهُمْ فَبِأَيِّ حَدِيثٍ بَعْدَهُ يُؤْمِنُونَ**

**«Айт (Эй Мухаммад): «О, адамдар! Мен Аллахтын жиберген элчиси боломун. Аллах ушундай: Асман менен жердеги бардык мүлк Аныкы. Эч бир сыйынылуучу жок, Анын Өзү бар. Ал өлтүрөт жана тирилтет. Аллахка жана Анын Элчиси –Уммий (мурда окууну билбеген жана кат таанибаган) пайгамбарга ыйман келтиргиле. Ал Аллахка, Анын сөздөрүнө ыйман келтирген пайгамбар. Ага ээрчигиле. Ошондо туура жол табаарсыңар»** *(Аьараф сүрөсү, 158-аят).*

Сахих Муслимде Абу Хурайрадан (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынган хадисте Алланын элчиси (ага Алланын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) айтты: «Мухаммадтын жаны Анын колунда болгон Затка ант берип айтам: бул уммөт арасындагы яхудий жана Христиандардын кимиси болбосун, мен алып келген нерсени угуп туруп, ыйман келтирбей өлсө, тозок элинен болот»Ал эми, Алланын элчисине (ага Алланын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) ыйман келтирүү оозеки түрдө гана тастыктап коюу менен эмес, балким ал алып келген нерсеге моюн сунуп иш (амал) түрүндө тастыктоо. Мына ошондуктан Абу Талип исламды: «бул диндердин арасындагы эң жакшы дин: - деп оозеки тастыктаганы менен мусулман боло алган жок.Ислам дини

байыркы бардык диндердин жакшы касиеттерин өз ичине камтыган дин болуу менен бирге, бардык заман, бардык мекен жана бардык элдерге жарактуу болуу менен алардан айырмаланып турат. Бийик Аллах өз элчисине кайрылып, мындай деди:

**وَأَنْزَلْنَا إِلَيْكَ الْكِتَابَ بِالْحَقِّ مُصَدِّقًا لِمَا بَيْنَ يَدَيْهِ مِنَ الْكِتَابِ وَمُهَيْمِنًا عَلَيْهِ فَاحْكُمْ بَيْنَهُمْ بِمَا أَنْزَلَ اللَّهُ وَلَا تَتَّبِعْ أَهْوَاءَهُمْ عَمَّا جَاءَكَ مِنَ الْحَقِّ لِكُلٍّ جَعَلْنَا مِنْكُمْ شِرْعَةً وَمِنْهَاجًا وَلَوْ شَاءَ اللَّهُ لَجَعَلَكُمْ أُمَّةً وَاحِدَةً وَلَكِنْ لِيَبْلُوَكُمْ فِي مَا آتَاكُمْ فَاسْتَبِقُوا الْخَيْرَاتِ إِلَى اللَّهِ مَرْجِعُكُمْ جَمِيعًا فَيُنَبِّئُكُمْ بِمَا كُنْتُمْ فِيهِ تَخْتَلِفُونَ**

**«Биз сага, өзүнөн абалкы Китептерди тастыктаган жана аларга өкүмдарлык кылган Куранды акыйкат менен түшүрдүк»** *(Маида сүрөсү, 48-аят).*

Исламдын бардык заман, бардык мекен жана бардык элдерге ылайык—жарактуу экенинин мааниси, кээ бир адамдар түшүнгөндөй, ислам замандын, мекендин жана элдердин кызыкчылыгына моюн сунат дегени эмес, тетирисинче, аны кабыл алуу эч бир заманда, эч бир элдин пайдасына каршы келбейт дегенди билдирет.

Ислам дини акыйкат дин. Бийик Аллах бул динди тутунган кишилерге жеңиш берүүнү жана бул динди башка диндерден үстөм – жогору кылууга кепилдик берген. Бийик Аллах айтты:

**هُوَ الَّذِي أَرْسَلَ رَسُولَهُ بِالْهُدَى وَدِينِ الْحَقِّ لِيُظْهِرَهُ عَلَى الدِّينِ كُلِّهِ وَلَوْ كَرِهَ الْمُشْرِكُونَ**

**«Ал (Аллах) – мушриктер жаман көрсө да-Исламды бардык диндердин үстүнөн жогору кылуу үчүн өз элчисин хидаят жана акыйкат дин менен жиберген Зат»** *(Саф сүрөсү, 9-аят).*

Бийик Аллах айтты:

وَعَدَ اللَّهُ الَّذِينَ آمَنُوا مِنْكُمْ وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ لَيَسْتَخْلِفَنَّهُمْ فِي الْأَرْضِ كَمَا اسْتَخْلَفَ الَّذِينَ مِنْ قَبْلِهِمْ وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمْ دِينَهُمُ الَّذِي ارْتَضَى لَهُمْ وَلَيُبَدِّلَنَّهُمْ مِنْ بَعْدِ خَوْفِهِمْ أَمْنًا يَعْبُدُونَنِي لَا يُشْرِكُونَ بِي شَيْئًا وَمَنْ كَفَرَ بَعْدَ ذَلِكَ فَأُولَئِكَ هُمُ الْفَاسِقُونَ

**«Силердин араңардан ыйман келтирип жакшы амал кылган кишилерге Аллах, алардан илгеркилерди өкүмдар, башчы кылгандай, аларды да жер бетине сөзсүз түрдө өкүмдар кылаарын, алар үчүн ыраазы болгон диндерин орнотуп берерин жана алардын коркууларын тынчтык-бейпилдикке айланттыраарын убада кылды. (Жана айтты) : «Алар мага гана ибадат кылышат. Мага эч нерсени шерик кылышпайт. Мына ушундан кийин ким каапыр болсо, ошолор анык бузуку кишилер»** *(Нур сүрөсү, 55-аят).*

Ислам дини толук – кемчиликсиз акыйда (ишеним) жана толук – кемчиликсиз шарият (жол) болуп эсептелинет.

Аллахтын жалгыздыгына (тавхидге) буюруп, Аллахка шерик кошуудан (ширктен) кайтарат

Чынчылдыкка буюруп, калптан кайтарат

Адилеттүүлүккө буюруп, зулумдан кайтарат. Адилеттүүлүк бул акысы бирдей нерселердин арасында теңчилдик кылуу, жана акысы ар башка болгон нерсердин акыларын өз жайына койуу. Ал эми, кээ бир адамдар айткандай: бардык нерселердин ортосунда абсолюттук теңчилдик бул адилеттүүлүк эмес. Дагы айтышат: Ислам теңчилдиктин дини. Бул туура эмес. туурасы Ислам адилеттүүлүктүн дини. Анткени акысы ар башка болгон нерселердин арасында теңчилдик кылуу зулум болот. Ислам зулумдукту кайтарат. Аны кылган кишини айыптайт.

Аманаткөйлүккө буйруп, кыянат кылуудан тыят

Убадага бекемдикке (опалуулук) буюруп, чыккынчылыктан кайтарат

Ата-энеге жакшылык кылууга буюруп, алардын көңүлүн калтыруудан (ак болуудан) кайтарат,

Тууганчылыкты бекемдөөгө буюруп, үзүлүүдөн кайтарат,

Кошунага жакшы мамиле кылууга буюруп, жаман мамиле кылуудан кайтарат

Кыскасы, ислам бардык улук, изги кулк-мүнөздөргө буюруп, бардык төмөн – ыпылас, адепсиз кылыктардан кайтарат.

Бардык жакшы амалдарга буйруп, жаман амалдардан тыят

Бийик Аллах айтты:

**إِنَّ اللَّهَ يَأْمُرُ بِالْعَدْلِ وَالْإِحْسَانِ وَإِيتَاءِ ذِي الْقُرْبَى وَيَنْهَى عَنِ الْفَحْشَاءِ وَالْمُنْكَرِ وَالْبَغْيِ يَعِظُكُمْ لَعَلَّكُمْ تَذَكَّرُونَ**

**«Бийик Аллах адилеттүүлүккө, жакшылыкка жана тууган-уруктар менен мамиле кылууга буюруп (шариятта) тыюуу салынган бузук, туура эмес иштерден жана зулум кылуудан кайтарат. Ал силерге Өзүн эскерүүңөр үчүн насаат кылат»** *(Нахл сүрөсү, 90-аят).*

*

# Ислам негиздери

Ислам негиздери, Абдуллах ибн Умардан риваят кылынган пайгамбардын (ага Алланын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) төмөндөгү хадиси боюнча бешөө:«Ислам беш нерсеге негизделген:

«Аллахтан башка сыйынылуучу жок жана Мухаммад Аллахтын кулу жана элчиси» -деп күбөлүк берүү, намазды толук аткаруу, зекет берүү, рамазан орозосун кармоо жана ажыга баруу».Бирөө: "Ажылык, анан Рамазандын орозосубу?" деп сурадыАйтты: "Жок, Рамазандын орозосу, анан Ажылык"Аллахтын элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) ушинтип айтканын уккам«Аллахтан башка сыйынылуучу жок жана Мухаммад Аллахтын кулу жана элчиси»-деп күбөлүк берүү, оболу жүрөк менен ушуга ишенип, ошол ишенимди тил менен айтуудан турат. Тил менен айткандан максат, жүрөктөгү ишенимди бекемдеп коюу үчүн. Бул күбөлүк келмесинде «Аллахка» жана «Мухаммадка» деп, экөөнө күбөлүк берилип (эки сүйлөмдөн турганы менен), экөө биригип бир негиз болуп саналат.Анткени, Мухаммад Аллахтын сөздөрүн жеткирүүчү. Ошондуктан биз анын пенделигине жана элчилигине күбөлүк берсек, бул күбөлүк өз-өзүнөн «Аллахтан башка сыйынылуучу жок» деген күбөлүктүн курамына кирип кетет.Же болбосо, мындай түшүнсөк да болот: күбөлүктүн эки бөлүктөн турганы момундун иштеринин, амалдарынын таза жана жакшы кабыл болуусун шарттайт. Анткени, амалдар Аллахка болгон ыкылас (жалгыз Анын ыраазычылыгын каалоо) жана Аллахтын элчисине ээрчүү менен гана кабыл болот. Күбөлүк келмесинин «Аллахтан башка сыйынылуучу жок» деген бөлүгү мусулмандын ыкласын чагылдырса, «Мухаммад Аллахтын кулу жана элчиси» деген бөлүгү, мусулман пенде сөзсүз түрдө Аллахтын элчисине ээрчүүсү зарыл экенин түшүндүрөт.

Бул эки күбөлүк келмесин түшүнүү менен кабыл алган адамдын өзү жана жүрөгү Аллахтан башка нерселерге болгон кулчулуктан азат болот жана бул жашоодо

Аллахтын элчисинин жолунан башка жолдорго ээрчибейт.

Намазды толук аткаруу-бул намазды өз убактысында, талап кылынгандай абалда, үзгүлтүккө учуратпай толук окуу менен Аллахка болгон сыйынуу дегенди билдирет.

Намазды эмне экенин түшүнүп окуган адамдын жүрөгү сыгылбайт. Намаз окуудан ырахат алат жана намаз себептүү жаман иштерден тыйылат.

Зекет берүү- бул белгиленген өлчөмгө жеткен жеке менчик байлыгынан шарият тарабынан белгиленген бир үлүшүн берүү менен аткарылчу ибадат-кулчулук болуп саналат.

Зекет бергендин пайдасы, адам эң жаман кулк-сараңдык жана кызганчаактыктан арылат жана мусулмандардын муктаждыгын орундатуу менен сооп табат.

Рамазан орозосу бул, рамазан айында күндүз күндөрү орозону буза турган нерселерден өзүн токтотуп, орозо кармоо менен аткарылчу ибадат.

Рамазан орозосунун пайдасы, мусулман адам Аллахтын ыраазычылыгы үчүн өз нафсиси умтулган нерседен өзүн токтотуп, нафсини каниет жана чыдамкайлыкка үйрөтөт.

Хаж (ажылык)тын мааниси ажылык ритуалдарын аткаруу үчүн Кааба мечитине барууга ниет кылып, сапар кылуу менен боло турган ибадат.

Ажылыктын өтө зор пайдалары бар. Маселен, ажыны ниет кылган адам, Аллахтын ыраазычылыгы үчүн денеге келген оорчулуктарды, материалдык чыгымдардын түйшүгүн көтөрүү менен өзүн ар кандай оорчулуктарга

чыйралтат.

Ислам негиздеринин биз эскербеген дагы далай пайдалары бар. Ал пайдалар (мөмөлөр, натыйжалар) ислам негиздерин такай аткарып жүргөн элдерди таза, аруу Аллахка чыныгы дин менен ибадат кыла турган, башка элдер менен адилет, чынчыл мамиле жасай турган нукура Ислам үммөтү кылып тарбиялайт. Ислам шариятынын башка багыттарынын оңолуусу, ушул беш негиздин жакшы аткарылышына байланыштуу. Ал эми жалпы эле ислам үммөтүнүн (мусулмандардын) ахыбалынын оңолуусу бардык шарият иштеринин оңолуусу менен болот. Ошондой эле, мусулмандардын жаман ахыбалга түшүп калуулары, дин иштерин (өкүмдөрүн) начар аткаруудан улам болот.

Ким бул чындыкты дагы тереңирек түшүнүүнү кааласа, төмөндөгү аяттарды окусун, Бийик Аллах айтты:

**وَلَوْ أَنَّ أَهْلَ الْقُرَى آمَنُوا وَاتَّقَوْا لَفَتَحْنَا عَلَيْهِمْ بَرَكَاتٍ مِنَ السَّمَاءِ وَالْأَرْضِ وَلَكِنْ كَذَّبُوا فَأَخَذْنَاهُمْ بِمَا كَانُوا يَكْسِبُونَ (96) أَفَأَمِنَ أَهْلُ الْقُرَى أَنْ يَأْتِيَهُمْ بَأْسُنَا بَيَاتًا وَهُمْ نَائِمُونَ (97) أَوَأَمِنَ أَهْلُ الْقُرَى أَنْ يَأْتِيَهُمْ بَأْسُنَا ضُحًى وَهُمْ يَلْعَبُونَ (98) أَفَأَمِنُوا مَكْرَ اللَّهِ فَلَا يَأْمَنُ مَكْرَ اللَّهِ إِلَّا الْقَوْمُ الْخَاسِرُونَ**

**«Эгер айыл элдери ыймандуу жана такыбалуу болушса, анда биз аларга жер жана асмандардан берекелерди ачып коер элек. Бирок алар (динге ишенбей) пайгамбарларды жалганчыга чыгарышты. Анан биз аларды кылган иштеринин беделине жазаладык"Айыл адамдары, аларга Биздин азабыбыз түндөсү уктап жаткан мезгилдеринде келип калуусунанЖе болбосо, күн шашкеде ойноп турган мезгилдеринде келип калуусунан бейгам болуштубу?"Алар Аллахтын амалынан бейгам болуштубу? Аллахтын амалынан зыянга учуроочу коомдор гана бейгам болушат»** *(Аьараф*

*сүрөсү, 96-99-аяттар).*

Өткөн адамдардын тарыхына карагылачы! Тарыхта жүрөгү сокур болуп калбаган, акылдуу адамдар үчүн чоң үлгү-ибараттар бар! Чындыкты билүүдө Аллахтын Өзү жардамчы болсун.

*

# Ислам акыйдасынын (ыймандын) негиздери:

Ислам дини – биз жогоруда айтып өткөндөй –акыйда (ишеним, ыйман) жана шарияттан турат. Өткөн темада биз ислам шариятынын негиздери жөнүндө айттык.

Ал эми, ислам акыйдасынын негиздери болсо, Аллахка, Анын периштелерине, китептерге, пайгамбарларына, акырет күнүнө жана тагдырга (жакшысына да, жаманына да) бекем ишенүүдөн турат.

Бул негиздер Аллахтын китеби Куранда жана элчисинин сүннөттөрүндө көргөзүлгөн.

Бийик Аллах Өз китеби Курани-Каримде мындай деген:

**لَيْسَ الْبِرَّ أَنْ تُوَلُّوا وُجُوهَكُمْ قِبَلَ الْمَشْرِقِ وَالْمَغْرِبِ وَلَكِنَّ الْبِرَّ مَنْ آمَنَ بِاللَّهِ وَالْيَوْمِ الْآخِرِ وَالْمَلَائِكَةِ وَالْكِتَابِ وَالنَّبِيِّينَ وَآتَى الْمَالَ عَلَى حُبِّهِ ذَوِي الْقُرْبَى وَالْيَتَامَى وَالْمَسَاكِينَ وَابْنَ السَّبِيلِ وَالسَّائِلِينَ وَفِي الرِّقَابِ وَأَقَامَ الصَّلَاةَ وَآتَى الزَّكَاةَ وَالْمُوفُونَ بِعَهْدِهِمْ إِذَا عَاهَدُوا وَالصَّابِرِينَ فِي الْبَأْسَاءِ وَالضَّرَّاءِ وَحِينَ الْبَأْسِ أُولَئِكَ الَّذِينَ صَدَقُوا وَأُولَئِكَ هُمُ الْمُتَّقُونَ**

**«Жакшылык (ыйман) жүзүңөрдү чыгыш жана батыш тарапка буруунар эмес, балким жакшылык Аллахка, акырет күнүнө, периштелерге, китепке (Куранга) жана**

**пайгамбарларга ишенген кишинин ыйманы» (Бакара сүрөсү, 177-аят).**

Бийик Аллах тагдыр жөнүндө мындай деген:

**إِنَّا كُلَّ شَيْءٍ خَلَقْنَاهُ بِقَدَرٍ (49) وَمَا أَمْرُنَا إِلَّا وَاحِدَةٌ كَلَمْحٍ بِالْبَصَرِ**

**«Биз бардык нерсени ченем-өлчөм менен жараттык""Биздин буйругубуз бир (сөз менен) көз ирмем сыяктуу (да кеч калбайт)»** *(Камар сүрөсү, 49-50-аяттар).* Ал эми, сүннөттө болсо, Аллахтын элчиси Жебирейил периштенин суроолоруна жооп берип мындай деген:«Сенин Аллахка, периштелерине, китептерине, элчи-пайгамбарларына, акырет күнүнө жана жакшы-жаман тагдырына ишенгениң – Ыйман»

*

# Аллахка ыйман келтирүү

Аллах Таалага ыйман келтирүү төрт маселени өз ичине алат:

Биринчи:Бийик Аллахтын бар экенине ыйман келтирүү (ишенүү).

## Аллахтын бар экенине шарият жана адамдын таза табияты, акыл-эси, сезимдери далилдейт.

Таза табияттын далил болушу мындай, бардык макулуктар, аларга үйрөтүп, таалим берилбесе да Аллахтын бар экендигин билүү алардын жаратылышында (табиятында, кан-жанында) бар болот. Демек, адам жаратылыштан момун (ыймандуу) болуп төрөлөт, бирок кийинки бузук таалимдер аны ыймандан буруп жиберет.

Муну Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) төмөндөгүчө түшүндүргөн:«Ар бир ымыркай табигый ыйманы менен туулат. Бирок аны кийин ата-энеси же яхудий же христиан же мажуси (отпарас) кылып тарбиялайт"

## Аллахтын бар экенине акыл-эстин далили мындайча,

байыркы жана азыркы бардык макулуктардын бир жаратуучусу болот. Анткени, алар өзүн-өзү жаратпаган жана өзүнөн-өзү да жаралбаган.

Эч бир нерсе өзүн-өзү жарата албайт, себеби ал жаралганга чейин жок болчу. Ошентип, ал жаратуучу боло албайт.

Ошондой эле нерселер кокустук менен өзүнөн-өзү да жаралбайт. Бул мүмкүн эмес. Ааламдын жаратылышындагы өтө назик, кылдат мыйзамдуулук, тартип, өз-ара дал келүү жана себептер менен натыйжалардын ортосундагы, аалам койнундагы астрономиялык телолордун арасындагы биригип, ааламдын өзүнөн-өзү кокустук менен жаралып калганын карандай четке кагат

Эгер макулуктар өздөрүн-өзү жаратпаган экен жана өзүнөн-өзү жаралбаган экен, анда аларды жараткан акылдуу, даанышман зат болушу керек. Ал –Бийик Аллах.

Бийик Аллах бул акыл-эске таандык далилди төмөндөгүчө баяндайт:

أَمْ خُلِقُوا مِنْ غَيْرِ شَيْءٍ أَمْ هُمُ الْخَالِقُونَ

**«Алар эч нерсесиз жаратылыштыбы же алардын өздөрү жаратуучубу?»** *(Тур сүрөсү, 35-аят).* Мунун

мааниси алар жаратуучусуз жаратылышпады. Өздөрүн-өздөрү да жаратпады. Ушундан улам алардын жаратуучусу Аллах экени анык болот. Улук сахаабалардын бири Жубайр-ибн-Мутим Ислам динин кабыл албаган бутпарастык доорунда Алахтын элчисинин ушул аяттарды окуп жатканын укту:

**أَمْ خُلِقُوا مِنْ غَيْرِ شَيْءٍ أَمْ هُمُ الْخَالِقُونَ (35) أَمْ خَلَقُوا السَّمَاوَاتِ وَالْأَرْضَ بَلْ لَا يُوقِنُونَ (36) أَمْ عِنْدَهُمْ خَزَائِنُ رَبِّكَ أَمْ هُمُ الْمُصَيْطِرُونَ**

**«Алар эч нерсесиз жаратылыштыбы же алардын өздөрү жаратуучубу?»Же асмандар менен жерди (алар) жараттыбы?! Жок! Алар анык ишенишпейт!Же Раббиңдин казналары алардын алдындабы?! Же алар өкүмдарбы?!» (Тур сүрөсү, 35-37-аяттар).**

Бул учурда Жубайр динге кире элек болчу, ал айтат:«Мен бул аяттарды укканда жүрөгүм кабынан чыгып кетейин деди. Бул жүрөгүмө ыйман кирген абалкы көз ирмемдер болчу».

Ушул маселе боюнча бир мисал келтиребиз. Бир адам сизге: «Ортосунан дарьялар агып өтө турган бактар менен оролгон, кооз килемдер жана башка зыйнаттар менен кооздолгон мына бул заңгыраган сарай өзүн-өзү курган (же өзүнөн өзү курулуп калган)» десе, сиз анын сөздөрүн маанисиз, былжырак сөздөр экенин бетине эле айтасыз. Ушундай экен анда, ичинде жери, асмандары жана башка плланеталары болгон, кооз жана мыйзам –тартиптүү бул Аалам деген чоң искусство кантип өзүн-өзү жаратсын же өзүнөн -өзү жаратуучусуз эле жаралып калсын?!

## Аллахтын барлыгына шарияттын далилдери.

Бардык асмандан түшкөн ыйык китептер Бийик

Аллахтын бар экендигин баяндайт. Ал илахий (Аллахтан түшкөн) китептердеги элдердин жашоо-турмушун оңдогон теңдешсиз өкүмдөр, элдердин эмнеге муктаж экенин билген жана ошого жараша өкүм түшүргөн илимдүү жана Даанышман Рабби тарабынан келгенине далил болот. Ошондой эле, космостук, астрономиялык ж.б. окуяларды кабар берген, ал окуялар инсандын илиминде тастыкталуусу, ар нерсени убактысында болтурууга Кудуреттүү болгон Жаратуучу тарабынан болгонуна далил болот.

## Аллахтын бар экенине сезимдерден далилдер.

Адамдагы сезим органдары Аллахтын бар экенине эки багыт менен далил болот. Биринчи багыт: биз реал жашоодо тарыхта да, акыркы күндө да, Аллахтан бир нерсе сурап, дуба кылуучулардын дубалары кабыл болгонун жана болуп жатканын өз көзүбүз менен көрүүдөбүз. Мына ушунун өзү дубага жооп берүүчү Раббинин бар экенине далил. Бийик Аллах айтты:

**وَنُوحًا إِذْ نَادَى مِنْ قَبْلُ فَاسْتَجَبْنَا لَهُ فَنَجَّيْنَاهُ وَأَهْلَهُ مِنَ الْكَرْبِ الْعَظِيمِ**

**«Нух Бизге дуба кылып кайрылган эле, биз жооп бердик (кабыл кылдык)»** *(Анбия сүрөсү: 76-аят).*

Бийик Аллах айтты:

**إِذْ تَسْتَغِيثُونَ رَبَّكُمْ فَاسْتَجَابَ لَكُمْ أَنِّي مُمِدُّكُمْ بِأَلْفٍ مِنَ الْمَلَائِكَةِ مُرْدِفِينَ**

**«Эгер силер Раббиңерден жардам сурасаңар, Ал силерге жооп берет»** *(Анфал сүрөсү, 9-аят).* Имам Бухарий «Сахих» китебинде Анас ибн Мааликтен риваят кылды: «Жума күнүндө Аллахтын элчиси хутба окуп турган мезгилде бир бедуин арап кирип келди дагы: «Эй, Аллахтын

элчиси, малдар кыйрап, үй-бүлөлөр ачка калды. Аллахка дуба кыл, (бизден бул кыйынчылыктарды арылтсын)» - деди. Аллахтын элчиси колун көтөрүп дуба кылды эле, тоо сыяктуу булуттар асманда заматта козголду. Аллахтын элчиси минбарда турган кезинде эле сакалынан жамгыр тамчылап турганын көрдүм. Келерки жума ошол бедуин же башка бирөө ордунан туруп: «Эй, Аллахтын элчиси, (жамгыр көп жаагандан улам) үйлөр урап, мал-жан өлүп жатат. Аллахка дуба кыл, бизден бул кыйынчылыкты көтөрсүн»- деди. Аллахтын элчиси колун көтөрүп:«О Аллахым, бизге эмес чет-тегеректерге жаадыр» - деди да колун кай тарапка жаңсап ишарат кылса, ошол тараптагы булут тарап, жамгыр токтоду».Азыркы күнүбүзгө чейин Аллах Таалага ыкылас берилгендик менен жалбарып дуба кылуу шарттарын толук аткарып, дуба кылган адамдардын дубаларынын кабыл болгонун көрүп билип турабыз.Экинчи багыт:Пайгамбарлардын пайгамбарчылыгынын белгиси болгон муъжизаларды (инсандын кудуретинен сырткары болгон кереметтер) адамдар өз көздөрү менен көрүп, өз кулактары менен угушкан. Мына ошол муъжизалар Аллахтын бар экенине эң чоң далил болчу. Анткени, мужъизалар инсан күч-кудуретинен сырткы нерсе болчу. Аларды, Өз пайгамбарларын кубаттоо үчүн Аллахтын Өзү (пайгамбарларынын колу менен) жасайт эле.Маселен, Муса алейхи саламдын аса таягы. Бийик Аллах Мусага таягы менен деңизди урууну буюрду. Муса муну аткарды эле (он эки уруу Мусанын коому үчүн) деңизден он эки жол ачылып, араларында өркөчтүү толкундар тоо сыяктуу болуп бөлүнүп турду. Бийик Аллах айтты:

فَأَوْحَيْنَا إِلَى مُوسَى أَنِ اضْرِبْ بِعَصَاكَ الْبَحْرَ فَانْفَلَقَ فَكَانَ كُلُّ فِرْقٍ كَالطَّوْدِ الْعَظِيمِ

**«Биз Мусага: «Аса таягыңды деңизге ур»-деп кабар**

**кылдык. (Ал урганда) деңиз бөлүндү. Ар бир бөлүк, үлкөн тоо сыяктуу болду»** *(Шуара сүрөсү, 63-аят).* Дагы бир мисал, Иса алейхи саламдын Аллахтын уруксаты менен өлүк денелерди тирилтип, мүрзөлөрдөн чыгарган муъжизасы. Аллах Таала (Ыйса Пайгамбардын тилинен) айтты:

**وَرَسُولًا إِلَى بَنِي إِسْرَائِيلَ أَنِّي قَدْ جِئْتُكُمْ بِآيَةٍ مِنْ رَبِّكُمْ أَنِّي أَخْلُقُ لَكُمْ مِنَ الطِّينِ كَهَيْئَةِ الطَّيْرِ فَأَنْفُخُ فِيهِ فَيَكُونُ طَيْرًا بِإِذْنِ اللَّهِ وَأُبْرِئُ الْأَكْمَهَ وَالْأَبْرَصَ وَأُحْيِي الْمَوْتَى بِإِذْنِ اللَّهِ وَأُنَبِّئُكُمْ بِمَا تَأْكُلُونَ وَمَا تَدَّخِرُونَ فِي بُيُوتِكُمْ إِنَّ فِي ذَلِكَ لَآيَةً لَكُمْ إِنْ كُنْتُمْ مُؤْمِنِينَ**

**«...жана Аллахтын уруксаты менен өлүктөрдү тирилтемин»** *(Аалы Имран сүрөсү, 49-аят).*

Жана айтты:

**إِذْ قَالَ اللَّهُ يَا عِيسَى ابْنَ مَرْيَمَ اذْكُرْ نِعْمَتِي عَلَيْكَ وَعَلَى وَالِدَتِكَ إِذْ أَيَّدْتُكَ بِرُوحِ الْقُدُسِ تُكَلِّمُ النَّاسَ فِي الْمَهْدِ وَكَهْلًا وَإِذْ عَلَّمْتُكَ الْكِتَابَ وَالْحِكْمَةَ وَالتَّوْرَاةَ وَالْإِنْجِيلَ وَإِذْ تَخْلُقُ مِنَ الطِّينِ كَهَيْئَةِ الطَّيْرِ بِإِذْنِي فَتَنْفُخُ فِيهَا فَتَكُونُ طَيْرًا بِإِذْنِي وَتُبْرِئُ الْأَكْمَهَ وَالْأَبْرَصَ بِإِذْنِي وَإِذْ تُخْرِجُ الْمَوْتَى بِإِذْنِي وَإِذْ كَفَفْتُ بَنِي إِسْرَائِيلَ عَنْكَ إِذْ جِئْتَهُمْ بِالْبَيِّنَاتِ فَقَالَ الَّذِينَ كَفَرُوا مِنْهُمْ إِنْ هَذَا إِلَّا سِحْرٌ مُبِينٌ**

**«...жана Менин каалоо-уруксатым менен өлүк денелерди тирилтип, мүрзөлөрүнөн чыгарасың»** *(Маида сүрөсү, 110-аят).* Үчүнчү мисал: Меккедеги Курайш каапырларынын суроосу менен Мухаммад (ага Алланын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) колу менен айга ишарат кылганда айдын экиге бөлүнүү муъжизасы. Аллах Таала айтты:

**اقْتَرَبَتِ السَّاعَةُ وَانْشَقَّ الْقَمَرُ (1) وَإِنْ يَرَوْا آيَةً يُعْرِضُوا وَيَقُولُوا سِحْرٌ مُسْتَمِرٌّ**

**«Кыямат жакындашты, Ай экиге бөлүндү. Эгер алар (бул) муъжизаны көрүшсө жүз бурушат жана «бул баякы эле сыйкыр» деп айтышат»** *(Камар сүрөсү, 1-2-аяттар).*

Көз менен көрүлгөн жана кулак менен угулган ушул муъжизаларды Аллах элчилерди колдоо, аларды жеңишке жеткирүү үчүн жасаган жана ушул нерселер да Аллахтын бар экенине далил болот.

Аллах Тааланын Рубубиятына ыйман келтирүү (б.а. Аллах Тааланы шериги, жардамчысы жок болгон Кожоюн деп ишенүү)

«Рабби» дегендин мааниси жаратуунун кожоюндук жана буюруунун толук (абсолют) кожоюну демек. Рабби - бул, Аллах Таала. Ошондуктан буюруу иши жалгыз Аллахка тиешелүү иш, Бийик Аллах айтты:

**إِنَّ رَبَّكُمُ اللَّهُ الَّذِي خَلَقَ السَّمَاوَاتِ وَالْأَرْضَ فِي سِتَّةِ أَيَّامٍ ثُمَّ اسْتَوَى عَلَى الْعَرْشِ يُغْشِي اللَّيْلَ النَّهَارَ يَطْلُبُهُ حَثِيثًا وَالشَّمْسَ وَالْقَمَرَ وَالنُّجُومَ مُسَخَّرَاتٍ بِأَمْرِهِ أَلَا لَهُ الْخَلْقُ وَالْأَمْرُ تَبَارَكَ اللَّهُ رَبُّ الْعَالَمِينَ**

**«Буюруу жана жаратуу Аллахка гана таандык экенин билгиле»** *(Аьраф: 54-аят).*

Жана айтты:

**يُولِجُ اللَّيْلَ فِي النَّهَارِ وَيُولِجُ النَّهَارَ فِي اللَّيْلِ وَسَخَّرَ الشَّمْسَ وَالْقَمَرَ كُلٌّ يَجْرِي لِأَجَلٍ مُسَمًّى ذَلِكُمُ اللَّهُ رَبُّكُمْ لَهُ الْمُلْكُ وَالَّذِينَ تَدْعُونَ مِنْ دُونِهِ مَا يَمْلِكُونَ مِنْ قِطْمِيرٍ**

**«Бул Аллах силердин Раббиңер. Эгедер кожоюндук Ага гана таандык. Бийик Аллахтан башка силер дуба кылып жаткан (жалган кудайлар) кыпындай нерсеге да эге-кожоюн эмес».** *(Фатир сүрөсү: 13-аят).* Тарыхта Аллахтын рубубиятын (Ааламдын жаратуучу-кожоюну экендигин) танган, кайтарган адамдар кезикпейт.Кезиксе да алар Фараон сыяктуу, ишеним менен эмес, текеберликтен улам Аллахтын Рабби-кожоюн экенин четке каккан. Ошол эле Фараон элдерге карап:

فَقَالَ أَنَا رَبُّكُمُ الْأَعْلَى

**«Мен силердин жогорку даражалуу Кудайыңар болом»** *(Ан-Наазиат сүрөсү, 24-аят).*

Жана айтты:

**وَقَالَ فِرْعَوْنُ يَا أَيُّهَا الْمَلَأُ مَا عَلِمْتُ لَكُمْ مِنْ إِلَهٍ غَيْرِي فَأَوْقِدْ لِي يَا هَامَانُ عَلَى الطِّينِ فَاجْعَلْ لِي صَرْحًا لَعَلِّي أَطَّلِعُ إِلَى إِلَهِ مُوسَى وَإِنِّي لَأَظُنُّهُ مِنَ الْكَاذِبِينَ**

**«Эй коом, мен силердин менден бөлөк кудайыңар бар деп билбейм»** *(Касас сүрөсү, 38-аят).*

Бирок бул ишенимден эмес, Бийик Аллах айтты:

**وَجَحَدُوا بِهَا وَاسْتَيْقَنَتْهَا أَنْفُسُهُمْ ظُلْمًا وَعُلُوًّا فَانْظُرْ كَيْفَ كَانَ عَاقِبَةُ الْمُفْسِدِينَ**

**«Өздөрү (чындык экенин) билип турса да, зулумдук, текебердик менен четке кагып коюшту... »** *(Намл сүрөсү, 14-аят).* Куранда баяндалган Муса алейхи саламдын сөзүнө кулак салалы:

**قَالَ لَقَدْ عَلِمْتَ مَا أَنْزَلَ هَؤُلَاءِ إِلَّا رَبُّ السَّمَاوَاتِ وَالْأَرْضِ بَصَائِرَ وَإِنِّي لَأَظُنُّكَ يَا فِرْعَوْنُ مَثْبُورًا**

**«Эй, Фараон сен (бул динди) асмандар жана жердин Кожоюну жибергенин анык билдиң» (Исра сүрөсү, 102-аят).** Ошон үчүн Биздин пайгамбарыбыз менен согушкан Мекке мушриктери (каапырлары) деле ибадатта Аллахка шерик кылуу менен бир эле мезгилде Аллахтын рубубиятына (Рабби-кожоюндугуна) ишенишет болчу. Бийик Аллах айтты:

**قُلْ لِمَنِ الْأَرْضُ وَمَنْ فِيهَا إِنْ كُنْتُمْ تَعْلَمُونَ (84) سَيَقُولُونَ لِلَّهِ قُلْ أَفَلَا تَذَكَّرُونَ (85) قُلْ مَنْ رَبُّ السَّمَاوَاتِ السَّبْعِ وَرَبُّ الْعَرْشِ الْعَظِيمِ (86) سَيَقُولُونَ لِلَّهِ قُلْ أَفَلَا تَتَّقُونَ (87) قُلْ مَنْ بِيَدِهِ مَلَكُوتُ كُلِّ شَيْءٍ وَهُوَ يُجِيرُ وَلَا يُجَارُ عَلَيْهِ إِنْ كُنْتُمْ تَعْلَمُونَ (88) سَيَقُولُونَ لِلَّهِ قُلْ فَأَنَّى تُسْحَرُونَ**

**«Айткын: «Эгер билсеңер, жер жана андагы нерселер кимдики?» Алар тез эле «Аллахтыкы» - дешет. Сен: «(Анда) Аллахты эскербейсиңерби?» - дегин. (Дагы) Айткын: «Жети (кат) асмандын жана бийик Арштын Раббиси ким?» Алар дароо «Аллах» - дешет. Анда сен: «(Ошол Аллахтан) коркпойсуңарбы?» дегин" Айт: "Бардык нерселердин падышалыгы кимдин колунда? Ал коргойт, (ал эми, эмнени жок кылууну кааласа) эч ким аны коргой албайт. Эгер билсеңер?"Алар: Аллахка таандык" дешет. Айткын: "Кантип алдануудасыңар"** *(Муьминун сүрөсү, 84-87-аяттар).*

Бийик Аллах айтты:

وَلَئِنْ سَأَلْتَهُمْ مَنْ خَلَقَ السَّمَاوَاتِ وَالْأَرْضَ لَيَقُولُنَّ خَلَقَهُنَّ الْعَزِيزُ الْعَلِيمُ

**«Эгер сен мушриктерден» асмандар жана жерди ким жараткан» деп сурасаң, алар «Күч-Кубаттуу жана Билүүчү Зат» деп айтышат»** *(Зухруф сүрөсү, 9-аят).*

Аруу Аллах айтты:

وَلَئِنْ سَأَلْتَهُمْ مَنْ خَلَقَهُمْ لَيَقُولُنَّ اللَّهُ فَأَنَّى يُؤْفَكُونَ

**«Эгер алардан "Силерди ким жараткан?" деп сурасаң, Алар: "Аллах" деп жооп беришет. Дагы кайда бара жатасыңар?»** *(Зухруф сүрөсү, 87-аят).*

Бийик Аллахтын буйругу (өкүмдарлыгы) Жаратылышка кандай өтүмдүү болсо, инсаниятка да ошондой өтүмдүү. (Анткени, инсан жаратылыштын бир бөлүгү). Бийик Аллах Өз даанышмандыгы менен жаратылыш иштерин кандай башкарса, инсаният жашоосун да ошондой эле башкаруу үчүн Өзү мыйзам-шарият түзүп берген. Ал Өзүнүн даанышмандыгы менен инсаниятка мамиле өкүмдөрүн

жана ибадат эрежелерин түзүп берди. Ал эми, ким ибадатта, шарияттык мамилелерде Бийик Аллахка башка эреже түзүп берүүчү өкүмдарды шерик кылса, ыйманы туура эмес ыйман, өзү Аллахка шерик кошкон болот.

Үчүнчүдөн: Аллах Тааланын улухиятына (жалгыз илах-кудай экенине) ыйман келтирүү. "Илах» деген сөздүн мааниси «сыйынылган кудай» дегенди билдирет...

Бийик Аллах айтты:

**وَإِلَهُكُمْ إِلَهٌ وَاحِدٌ لَا إِلَهَ إِلَّا هُوَ الرَّحْمَنُ الرَّحِيمُ**

**«Силердин илахыңар жалгыз. Эч бир илах жок. Жалгыз Рахман жана Рахийм болгон Ал гана бар»** *(Бакара сүрөсү, 163-аят).*

Бийик Аллах айтты:

**شَهِدَ اللَّهُ أَنَّهُ لَا إِلَهَ إِلَّا هُوَ وَالْمَلَائِكَةُ وَأُولُو الْعِلْمِ قَائِمًا بِالْقِسْطِ لَا إِلَهَ إِلَّا هُوَ الْعَزِيزُ الْحَكِيمُ**

**«Аллах «Эч бир сыйынылуучу жок жалгыз Анын Өзү бар»-деп күбөлүк берди, жана периштелер менен илим ээлери да адилет менен туруп: «Эч бир сыйынылуучу жок, жалгыз Анын Өзү бар. Ал Күч-Кубаттуу жана Даанышман» - деп күбөлүк беришти»** *(Аалы Имран сүрөсү, 18-аят).* Аллахтан башка, адамдар сыйынып жаткан бардык нерселердин сыйынылуучу экени жалган. Бийик Аллах айтты:

**ذَلِكَ بِأَنَّ اللَّهَ هُوَ الْحَقُّ وَأَنَّ مَا يَدْعُونَ مِنْ دُونِهِ هُوَ الْبَاطِلُ وَأَنَّ اللَّهَ هُوَ الْعَلِيُّ الْكَبِيرُ**

**«Бийик Аллах гана акыйкат. Андан башка адамдар сыйынып жаткан кудайлар жалган. Шексиз Аллах Эң жогорку жана Даанышман Зат»** *(Хаж сүрөсү, 62-аят).*

Адамдар (адашуучулуктан улам) сыйынып келген нерселерди илах деп атоо аларды чыныгы сыйынылуучу даражасына көтөрбөйт. Бийик Аллах мушрик араптар сыйынган Лат, Манат жана Узза деген буттардын ысымдары жөнүндө мындай деген:

إِنْ هِيَ إِلَّا أَسْمَاءٌ سَمَّيْتُمُوهَا أَنْتُمْ وَآبَاؤُكُمْ مَا أَنْزَلَ اللَّهُ بِهَا مِنْ سُلْطَانٍ إِنْ يَتَّبِعُونَ إِلَّا الظَّنَّ وَمَا تَهْوَى الْأَنْفُسُ وَلَقَدْ جَاءَهُمْ مِنْ رَبِّهِمُ الْهُدَى

**«Алар болгону, силер жана ата-бабаңар коюп алган ысымдардан башка нерсе эмес. Аллах ал ысымдарга эч кандай далил түшүрбөгөн»** *(Нажм сүрөсү, 23-аят).*

Худ пайгамбар тууралуу, ал коомуна минтип кайрылганын айтат:

قَالَ قَدْ وَقَعَ عَلَيْكُمْ مِنْ رَبِّكُمْ رِجْسٌ وَغَضَبٌ أَتُجَادِلُونَنِي فِي أَسْمَاءٍ سَمَّيْتُمُوهَا أَنْتُمْ وَآبَاؤُكُمْ مَا نَزَّلَ اللَّهُ بِهَا مِنْ سُلْطَانٍ فَانْتَظِرُوا إِنِّي مَعَكُمْ مِنَ الْمُنْتَظِرِينَ

**«Кудай экенине Аллах эч бир далил түшүрбөгөн, силер жана ата-бабанар ("кудай" деп) атап алган ысымдар жөнүндө мени менен талашып жатасынарбы?!» (Аьраф сүрөсү, 71-аят).**

Юсуф (ага Аллахтын саламы болсун) жөнүндө айтты:

يَا صَاحِبَيِ السِّجْنِ أَأَرْبَابٌ مُتَفَرِّقُونَ خَيْرٌ أَمِ اللَّهُ الْوَاحِدُ الْقَهَّارُ (39) مَا تَعْبُدُونَ مِنْ دُونِهِ إِلَّا أَسْمَاءً سَمَّيْتُمُوهَا أَنْتُمْ وَآبَاؤُكُمْ مَا أَنْزَلَ اللَّهُ بِهَا مِنْ سُلْطَانٍ إِنِ الْحُكْمُ إِلَّا لِلَّهِ أَمَرَ أَلَّا تَعْبُدُوا إِلَّا إِيَّاهُ ذَلِكَ الدِّينُ الْقَيِّمُ وَلَكِنَّ أَكْثَرَ النَّاسِ لَا يَعْلَمُونَ

**«Бир нече бытыранды кудайлар жакшыбы, же, жалгыз каар кудуреттүү Аллахбы?Аллахтан башка силер сыйынып жаткан нерселер, силер жана ата-бабанар ат коюп алган ысымдардан бөлөк эч нерсе эмес...»** *(Юсуф сүрөсү, 39-40-аяттар).* Мына ошондуктан бардык пайгамбарлар өз коомдоруна

لَقَدْ أَرْسَلْنَا نُوحًا إِلَى قَوْمِهِ فَقَالَ يَا قَوْمِ اعْبُدُوا اللَّهَ مَا لَكُمْ مِنْ إِلَهٍ غَيْرُهُ إِنِّي أَخَافُ عَلَيْكُمْ عَذَابَ يَوْمٍ عَظِيمٍ

**«Жалгыз Аллахка сыйынгыла. Силер үчүн Андан башка сыйынылуучу жок»** - деп чакырышкан *(Аьраф сүрөсү, 59-аят).* Мушриктер бул чакырууга ынабай, Аллахтан башка макулуктарды өздөрүнө сыйына турган кылып алып, ошолорго сыйынышты жана алардан жардам сурашты.

## Бийик Аллах алардын бул жоругун эки далил менен жокко чыгарды.

Биринчи: «Мушриктер сыйынган нерселерде чыныгы Кудайдын эч кандай белгиси жок эле. Анткени, аларды адамдардын өздөрү жасашат болчу. Анан кантип жаратуучу болсун! Алар өздөрүнө жалбарган адамдарга пайда да зыян да берүүдөн алсыз, аларды өлтүрө да, тирилте да албайт жана жер – асмандагы эч бир нерсеге эгедер кожоюн да эмес, кожоюндукта шерик да эмес эле.

Бийик Аллах айтты:

وَاتَّخَذُوا مِنْ دُونِهِ آلِهَةً لَا يَخْلُقُونَ شَيْئًا وَهُمْ يُخْلَقُونَ وَلَا يَمْلِكُونَ لِأَنْفُسِهِمْ ضَرًّا وَلَا نَفْعًا وَلَا يَمْلِكُونَ مَوْتًا وَلَا حَيَاةً وَلَا نُشُورًا

**«Алар Аллахтан башка эч нерсени жарата албаган, өздөрү (адамдар тарабынан) жаратылган, өздөрүнө да пайда, же зыян жеткире албай турган, өмүр берүүгө да, өлүм берүүгө да кудурети жок, кайра тирилте да албай турган нерселерди сыйынылуучу Кудай кылып алышты»** *(Фуркан сүрөсү, 3-аят).*

Бийик Аллах айтты:

قُلِ ادْعُوا الَّذِينَ زَعَمْتُمْ مِنْ دُونِ اللَّهِ لَا يَمْلِكُونَ مِثْقَالَ ذَرَّةٍ فِي السَّمَاوَاتِ وَلَا فِي الْأَرْضِ وَمَا لَهُمْ فِيهِمَا مِنْ شِرْكٍ وَمَا لَهُ مِنْهُمْ مِنْ ظَهِيرٍ (22) وَلَا تَنْفَعُ الشَّفَاعَةُ عِنْدَهُ إِلَّا

لِمَنْ أَذِنَ لَهُ حَتَّى إِذَا فُزِّعَ عَنْ قُلُوبِهِمْ قَالُوا مَاذَا قَالَ رَبُّكُمْ قَالُوا الْحَقَّ وَهُوَ الْعَلِيُّ الْكَبِيرُ

**«Айткын: «Аллахтан башка өзүңөр кудай деп ойлоп, сыйынган нерселериңерге дуба кылгылачы кана». Алар жерде жана асмандарда кыпынчалык нерсеге да эгедер эмес. Жер менен асмандарда алардын (Аллахка) шериктиги жок. Аллахтын алардан жардамчысы да жок» Анын (Аллахтын) алдында шапаат пайда бербейт. Аллах уруксат берген адамдарга гана (пайда берет)»** *(Саба сүрөсү, 22-23-аяттар).*

Бийик Аллах айтты:

أَيُشْرِكُونَ مَا لَا يَخْلُقُ شَيْئًا وَهُمْ يُخْلَقُونَ (191) وَلَا يَسْتَطِيعُونَ لَهُمْ نَصْرًا وَلَا أَنْفُسَهُمْ يَنْصُرُونَ

**«(Мушриктер) эч нерсени жарата албай турган жана өздөрү жарала турган,Аларга жардам берүүгө да кудурети жетпеген, жадагалса өздөрүнө өздөрү жардам бере албай турган нерселерди (Аллахка) шерик кылып алышат бекен?!»** *(Аьраф сүрөсү, 191-192-аяттар).*

Мушриктердин буттары, сыйынган нерселери ушундай ахыбалда болгон соң, демек аларды кудай кылып алуу жеткен акылсыздык эң болбогур жорук экен.

Экинчи: "Мушриктер Бийик Аллахтын жалгыз жаратуучу Рабби экенине жана бүт ааламдардын эгедерлиги анын гана колунда экенине ишенишет болчу. Мына ушул ишеним аларды жалгыз Аллахка сыйынууларына өбөлгө түзүшү керек болчу. Бирок андай болбоду. Алар Алахтын Жалгыз Рабби экенин моюндарына алып туруп, Жалгыз сыйынылуучу экенине ынабай коюшту. Билип туруп ынабай коюшту!" Бийик Аллах айтты:

**يَا أَيُّهَا النَّاسُ اعْبُدُوا رَبَّكُمُ الَّذِي خَلَقَكُمْ وَالَّذِينَ مِنْ قَبْلِكُمْ لَعَلَّكُمْ تَتَّقُونَ (21) الَّذِي جَعَلَ لَكُمُ الْأَرْضَ فِرَاشًا وَالسَّمَاءَ بِنَاءً وَأَنْزَلَ مِنَ السَّمَاءِ مَاءً فَأَخْرَجَ بِهِ مِنَ الثَّمَرَاتِ رِزْقًا لَكُمْ فَلَا تَجْعَلُوا لِلَّهِ أَنْدَادًا وَأَنْتُمْ تَعْلَمُونَ**

**«Эй адамдар! Силерди жана силердин илгеркилерди жараткан Жаратуучу Кожоюнуңарга сыйынгыла! (Ошондо) такыбалуу болоорсуңар.Ал силер үчүн жерди төшөк, асманды үй кылып берип, асмандан сууну түшүрүп, аны менен (түрлүү) мөмөлөрдү силерге ырыскы кылып чыгарды. Анда силер ошондой болгонун билип туруп, Аллахка (башка нерселерди) теңебегиле!»** *(Бакара сүрөсү, 21-22-аяттар).*

Бийик Аллах айтты:

**وَلَئِنْ سَأَلْتَهُمْ مَنْ خَلَقَهُمْ لَيَقُولُنَّ اللَّهُ فَأَنَّى يُؤْفَكُونَ**

**"Эгер алардан "Силерди ким жараткан" деп сурасаң, Алар: "Аллах" деп жооп беришет. Дагы кайда бара жатышат?"** *(Зухруф сүрөсү, 87-аят).*

Бийик Аллах айтты:

**قُلْ مَنْ يَرْزُقُكُمْ مِنَ السَّمَاءِ وَالْأَرْضِ أَمَّنْ يَمْلِكُ السَّمْعَ وَالْأَبْصَارَ وَمَنْ يُخْرِجُ الْحَيَّ مِنَ الْمَيِّتِ وَيُخْرِجُ الْمَيِّتَ مِنَ الْحَيِّ وَمَنْ يُدَبِّرُ الْأَمْرَ فَسَيَقُولُونَ اللَّهُ فَقُلْ أَفَلَا تَتَّقُونَ (31) فَذَلِكُمُ اللَّهُ رَبُّكُمُ الْحَقُّ فَمَاذَا بَعْدَ الْحَقِّ إِلَّا الضَّلَالُ فَأَنَّى تُصْرَفُونَ**

**«Айткын»: Силерди асман жана жерден ырыскыландырган же болбосо угуу, көрүү (мүчөлөрүнө) кожоюн болгон ким? Жана өлүктөн тирикти, тириктен өлүктү чыгарган ким? Жана Ааламдагы иштерди башкарган ким?» Алар дароо «Аллах» деп жооп беришет. Анан сен айткын «(Ошол Аллахтан) коркпойсуңарбы?!» Ушул Аллах силердин чыныгы Раббиңер. Чындыктан кийин адашуучулуктан башка эч нерсе келбейт. Кайда**

**бурулуп жатасынар?!"** *(Юнус сүрөсү, 31-32-аяттар).*

Төртүнчүдөн: Бийик Аллахтын ысым-сыпаттарына ыйман келтирүү

Мунун мааниси: Бийик Аллахтын Өзү Курани Каримде жана элчисинин өз сүннөтүндө айткан Аллахтын ысым-сыпаттарын, эч өзгөрттүрбөстөн, башка нерселердин ысым сыпаттарына окшошпостон жана «кандай-кандай»-деп сурай бербестен, Аллахтын Өзүнө гана ылайык болгон ахыбалда далилдер менен билип ыйман келтирүү. Бийик Аллах айтты:

**وَلِلَّهِ الْأَسْمَاءُ الْحُسْنَى فَادْعُوهُ بِهَا وَذَرُوا الَّذِينَ يُلْحِدُونَ فِي أَسْمَائِهِ سَيُجْزَوْنَ مَا كَانُوا يَعْمَلُونَ**

**«Бийик Аллахтын сонун –сулуу ысымдары бар» .Ага ошол ысымдар менен дуба кылгыла жана Аллахтын ысымдарын бурмалаган адамдарды таштагыла. Алар тез арада кылган иштерине жараша жазаланышат»** *(Аьраф сүрөсү, 180-аят).*

Бийик Аллах айтты:

**وَهُوَ الَّذِي يَبْدَأُ الْخَلْقَ ثُمَّ يُعِيدُهُ وَهُوَ أَهْوَنُ عَلَيْهِ وَلَهُ الْمَثَلُ الْأَعْلَى فِي السَّمَاوَاتِ وَالْأَرْضِ وَهُوَ الْعَزِيزُ الْحَكِيمُ**

**"Асмандардагы жана жердеги эң жогорку сыпаттоолор Өзүнө гана таандык. Ал Күч-Кубаттуу, Даанышман"** *(Рум сүрөсү, 27-аят).*

Бийик Аллах айтты:

**فَاطِرُ السَّمَاوَاتِ وَالْأَرْضِ جَعَلَ لَكُمْ مِنْ أَنْفُسِكُمْ أَزْوَاجًا وَمِنَ الْأَنْعَامِ أَزْوَاجًا يَذْرَؤُكُمْ فِيهِ لَيْسَ كَمِثْلِهِ شَيْءٌ وَهُوَ السَّمِيعُ الْبَصِيرُ**

**«Ага эч нерсе окшобойт. Ал Угуучу жана Көрүүчү»**

*(Шуура сүрөсү, 11-аят).*

## Ыймандын бул маселесинде эки тайпа адамдар адашып кетишкен.

Биринчи тайпа: Муьаттилалар «Аллахка ысым-сыпаттарды дайын кылуунун кереги жок. Эгер Аллахка (көрүү, угуу, кол, жүз сыяктуу) ысым-сыпаттар дайын (исбат) кылынса, анда Аллахты башка макулуктарга окшотуу болуп калат» дешет. Бул ой бир канча тараптан туура эмес.

Биринчи: Аллах Куранда Өзүнүн ысым-сыпаттарын кабар берип, жана да Өзүнө окшош эч нерсе жоктугун айткан. Бул ысым-сыпаттарында эч кимге окшобостугун кабар берет. Ал эми Аллахтын ысым-сыпаттарын кандай келсе, ошондой кабыл алуу макулуктарга (жаратылган тирүү заттарга) окшотуп коёбуз деген сөздөрдүн туура эместиги жана Аллахтын айткандарына каршы келгендиги бул жерде көрүнүп турат.

Экинчи: Эки нерсенин ысымы же сыпатынын (сөздүктө) окшош келиши ал эки нерсенин өздөрүнүн окшош экенин билдирбейт. Маселен, эки адамга карасаңыз, экөө тең угат, көрөт, сүйлөйт. Бирок мунун мааниси алардын угуусу, көрүүсү, сүйлөөсү жана адамкерчилиги бир кыл дегенди түшүндүрбөйт. Андан сырткары, маселен, бардык айбанаттардын колу, буту, көзү ж.б. бар. Бирок, бул алардын кол, бут, көздөрү оп-окшош дегени эмес.

Мына, макулуктарда ушунча айырма болгон соң, жаратуучу менен макулуктар арасында андан бийик, жогору айырма болушу анык.

Экинчи адашкан тайпа Мушаббихалар (окшотуучулар) Аллахтын ысым-сыпаттарын макулуктардын ысым-сыпаттарына окшотушту.

Жана айтышты «Аллах пенделерим түшүнүшсүн деп, Куранда Өзүнүн ысым-сыпаттарын пенделеринин ысым-сыпаттарына оп-окшош кылып атады. Демек, (Куран айткан соң) Аллахтын ысым-сыпаттары пенденин ысым-сыпаттарына окшош болот» - дешти. Бул дагы өтө орой каталык.

Биринчи: Аллах Тааланын Өзү жараткан макулугуна окшош болушу акылга жа шариятка да туура келбеген ката пикир. Куран менен Сүннөт мындай ката пикирди айтпайт.

Экинчи: Эгер Аллах Куранда Өзүнүн кээ бир ысым-сыпатын пенделердикине окшош сөздөр менен атаган болсо, бул сөздөгү гана окшоштук. Ал эми, негизги, түпкү маанисинде тап-такыр окшоштук жок, анын чыныгы абалы кандай экени кайып илиминде эч кимге кабар берилген эмес.

Маселен, Аллах Куранда Өзүнө «Самиь» (угуучу) деген ысым-сыпатты дайын (исбат) кылган болсо, бул Аллахтын угуусу пенденин угуусуна оп-окшош болот дегени эмес. Бийик Аллах кандай угат, мунун абалы бизге белгисиз. Угуу сезими макулуктарда деле өз ара айырмаланат (окшош болбойт). Ал эми Жаратуучу менен макулуктардын арасындагы айырма салыштыргыс болушу анык эмеспи!

Эгер Аллах (Куранда) Өзүнүн Аршка көтөрүлүүсү тууралуу баян кылган болсо, бул жерде «көтөрүлүү» сөзүнүн мааниси түшүнүктүү, бирок, кандай көтөрүлгөнү (түпкү мааниси) маалым эмес. Көтөрүлүүнүн кандайлыгы (айырмасы) макулуктардын арасында деле окшош

эмес. Маселен, кыймылсыз турган үстөлгө көтөрүлүү менен ойноктогон чарс төөнүн үстүндөгү эгерге көтөрүлүүнү эч салыштырып (окшотуп) болбойт. Демек, Аллахтын көтөрүлүүсү менен макулуктун көтөрүлүүсүн салыштырып болбостугу маалым болду.

### Жогоруда баяндагандай Бийик Аллахка ыйман келтирүүнүн чоң пайдалары бар:

Биринчи: Жалгыз Аллахка сыйынууну (тавхидти) жакшы жана толук орундатып, киши Аллахтан башкага сыйынбайт.

Экинчи:Бийик Аллахты ысым-сыпаттары менен туура тааныган адамдын Аллахка болгон сүйүүсү жана урматтоосу көбөйөт.

Үчүнчү:Аллахты жакшы тааныган адам, анын буйруктарын аткарып, кайтарган нерселеринен кайтып таза-толук, кемчиликсиз ибадат кылат.

*

## Периштелерге ыйман келтирүү

Периштелер кайып (көрүнбөгөн) ааламы болуп, Аллахка ибадат кылуучу макулуктар. Аларда Аллахка гана тийиштүү болгон жаратуу, ырыскы берүү, ааламга кожоюндук кылуу, сыйынылууга татыктуу болуу сыпаттары жок. Бийик Аллах периштелерди нурдан жаратып, Өзү буюрган иштерди аткаруу үчүн аларга күч-кудурет берген. Бийик Аллах айтты:

وَلَهُ مَنْ فِي السَّمَاوَاتِ وَالْأَرْضِ وَمَنْ عِنْدَهُ لَا يَسْتَكْبِرُونَ عَنْ عِبَادَتِهِ وَلَا يَسْتَحْسِرُونَ (19) يُسَبِّحُونَ اللَّيْلَ وَالنَّهَارَ لَا يَفْتُرُونَ

**«Аллахтын алдындагы периштелер, Аллахка ибадат кылууданн баш тартпайт жана да чарчашпайт.Алар түнү-күнү тынбай тасбех айтышат»** *(Анбия сүрөсү, 19-20-аяттар).*

Периштелердин саны аябай көп. Санагын жалгыз Бийик Аллах гана билет. Имам Бухарий жана Имам Муслимдин «Сахих» китептеринде, Анас Ибн Мааликтен риваят кылынган бир хадисте, Аллахтын элчиси асманга көтөрүлгөн кечеде, ага «Байтул Маъмур» көрсөтүлгөн, ал жерде ар күнү жетимиш миң периште намаз окуйт жана ал периштелер ал жерден чыкканда, кайра кайтып кирүүгө кезек жетпейт.

## Периштелерге ыйман келтирүү төрт маселени өз ичине алат.

Биринчи:Периштелердин бар экенине ишенүүЭкинчи:Бизге (Куранда) ысымы аталган периштелерге атайын ысымын атап, мис: Жебирейил, ал эми ысымы аталбаган периштелерге жалпысынан ыйман келтирүү.

Үчүнчү:Периштелердин бизге билдирилген сыпаттарына ыйман келтирүү. Маселен, Жебирейил периштенин кээ бир сыпаттарын бизге Куран жана пайгамбарыбыздын хадистери билдирген. Пайгамбарыбыз Жебирейил периштени жаралган турпатында, алты жүз канаты менен мейкиндикти тосуп турганын көргөн болчу.

Кээ бир учурда периштелер Аллахтын буйругу менен адам сүрөтүндө көрүнөт. Ошондуктан Аллах Таала Жебирейил периштеге «Марямга бар» деп буйрук кылганда, Марямга кадыресе адам сүрөтүндө көрүнгөн. Дагы бир окуя:

биздин Пайгамбарыбыз сахабалары менен олтурганда капкара чачтуу, аппапак кийимдүү көрүнүшүндө мусапыр кебетеси жок, бейтааныш бир киши келип, тизесин тизесине тийгизип, эки колун эки санынын үстүнө коюп, отурду да, ыйман эхсан жана кыямат жөнүндө сурады. Аллахтын элчиси жооп берген соң кетти. Анда пайгамбарыбыз сахабаларына: «Бул Жебирейил периште эле, силерге диниңерди үйрөтүү үчүн келиптир» -деди.

Ошондой эле, Бийик Аллах Ибрахим менен Лут пайгамбарларга да адам сүрөтүндөгү периштени жиберген.

Төртүнчү: Аллахтын буйругу менен периштелердин аткарган иштерине ыйман келтирүү. Ал иштерден кээ бирлерин бизге билдирген. Маселен, периштелер күнү-түнү эч бир чарчап талыкпай Аллахтын кызматында (ибадатта) болушат.

Кээ бир периштелердин өзүнө гана тиешелүү милдеттери бар.

Маселен, Жебирейил алейхи салам Аллах менен пайгамбарлар арасында элчилик милдетин аткарып, пайгамбарларга кабар алып келген.

Мекаил периштеси жамгыр менен өсүмдүктөргө өкүм кылат.

Исрафил периштесине болсо, Кыямат болордун астынан жана кайра тирилүүнүн астынан «Сур» деген кернейди тартуу милдети жүктөлгөн.

«Малакул-мавт» деп аталган өлүм периштеси болсо, өлүм убактысында жандарды алуу кызматын аткарат.

Маалик деген перишде тозокту көзөмөлдөйт

Дагы, энелердин курсагындагы түйүлдүккө өкүм кылынган периштелер бар.Түйүлдүк төрт айлык болгон кезинде, Аллахтын буйругу менен бир периште келип, баланын ырыскысы, ажалы, амал-иштери, бактылуу же бактысыз болушун жазат.

Дагы адамдардын жасаган иштерин жазып, сактоого өкүл кылынган периштелер бар. Ар бир адам үчүн эки периште дайындалган, бири оң, экинчиси сол тарабында болот.

Дагы адам өлүп мүрзөгө коюлганда, өлүктү суракка тутуучу периштелер бар. Көмүлгөн адамга эки периште келип, анын дини, Раббиси, пайгамбары жөнүндө сурашат.

## Периштелерге ыйман келтирүүнүн чоң пайдалары бар. Алардан:

Биринчи: Бийик Аллахтын Улуулугун, кудурет – султандыгын билүү. Анткени, жаратылган заттын кудуреттүүлүгү жаратуучунун кудуреттүүлүгүн билгизет.

Экинчи: Адамдарга кылган камкордугу үчүн Аллахка шүгүр кылуу. Анткени, Аллах инсандарга, аларды коргой турган, амал –иштерин жаза турган жана мындан башка пайдалары үчүн периштелерди дайындаган.

Үчүнчү: Бийик Аллахка (токтоосуз) ибадат кылгандыгы үчүн периштелерди жакшы көрүү.

Кээ бир пикири кыска кишилер периштелердин тело экенин жокко чыгарып: «периштелер – жаныбарлардын ичинде жашынган жакшылык күчү» -дешет. Бул пикир Курани Карим менен пайгамбарыбыздын хадистерине

каршы келет.

Бийик Аллах айтты:

**الْحَمْدُ لِلَّهِ فَاطِرِ السَّمَاوَاتِ وَالْأَرْضِ جَاعِلِ الْمَلَائِكَةِ رُسُلًا أُولِي أَجْنِحَةٍ مَثْنَى وَثُلَاثَ وَرُبَاعَ يَزِيدُ فِي الْخَلْقِ مَا يَشَاءُ إِنَّ اللَّهَ عَلَى كُلِّ شَيْءٍ قَدِيرٌ**

**«Асмандар жана жерди жаратуучу, Периштелерди эки, үч, төрт, канаттуу кылып жаратуучу Аллахка мактоолор болсун!»** *(Фатир сүрөсү, 1-аят).*

Бийик Аллах айтты:

**وَلَوْ تَرَى إِذْ يَتَوَفَّى الَّذِينَ كَفَرُوا الْمَلَائِكَةُ يَضْرِبُونَ وُجُوهَهُمْ وَأَدْبَارَهُمْ وَذُوقُوا عَذَابَ الْحَرِيقِ**

**«Эгер сен, каапырлардын жанын алып жаткан периштелердин, алардын беттерине, жамбаштарына чапкылап жатканын көрсөң эле...»** *(Анфал сүрөсү, 50-аят).*

Бийик Аллах айтты:

**وَمَنْ أَظْلَمُ مِمَّنِ افْتَرَى عَلَى اللَّهِ كَذِبًا أَوْ قَالَ أُوحِيَ إِلَيَّ وَلَمْ يُوحَ إِلَيْهِ شَيْءٌ وَمَنْ قَالَ سَأُنْزِلُ مِثْلَ مَا أَنْزَلَ اللَّهُ وَلَوْ تَرَى إِذِ الظَّالِمُونَ فِي غَمَرَاتِ الْمَوْتِ وَالْمَلَائِكَةُ بَاسِطُو أَيْدِيهِمْ أَخْرِجُوا أَنْفُسَكُمُ الْيَوْمَ تُجْزَوْنَ عَذَابَ الْهُونِ بِمَا كُنْتُمْ تَقُولُونَ عَلَى اللَّهِ غَيْرَ الْحَقِّ وَكُنْتُمْ عَنْ آيَاتِهِ تَسْتَكْبِرُونَ**

**"Сен ошол заалымдардын өлүм далбасасында жаткан мезгилдегисин жана периштелер аларга колун созуп (кыйнап, сабап) айтат: "Жаныңарды чыгаргыла...!"** *(Аньаам сүрөсү, 93-аят).*

**وَلَا تَنْفَعُ الشَّفَاعَةُ عِنْدَهُ إِلَّا لِمَنْ أَذِنَ لَهُ حَتَّى إِذَا فُزِّعَ عَنْ قُلُوبِهِمْ قَالُوا مَاذَا قَالَ رَبُّكُمْ قَالُوا الْحَقَّ وَهُوَ الْعَلِيُّ الْكَبِيرُ**

**«Качан гана алардын (периштелердин) жүрөктөрүнөн коркунуч кетип, (өздөрүнө келгенде) "Раббиңер эмне**

**деди?" дешет. Акыйкатты (айтты) дешет алар. Ал - Эң Жогорку, Улук"»** *(Саба сүрөсү, 23-аят).*

Бейишке кирүүчүлөр жөнүндө:

**جَنَّاتُ عَدْنٍ يَدْخُلُونَهَا وَمَنْ صَلَحَ مِنْ آبَائِهِمْ وَأَزْوَاجِهِمْ وَذُرِّيَّاتِهِمْ وَالْمَلَائِكَةُ يَدْخُلُونَ عَلَيْهِمْ مِنْ كُلِّ بَابٍ (23) سَلَامٌ عَلَيْكُمْ بِمَا صَبَرْتُمْ فَنِعْمَ عُقْبَى الدَّارِ**

**«Периштелер алардын алдына бардык эшиктерден кирип«(Аллахтын буйруктарын аткарууда) сабырдуу болгонуңардын беделине силерге салам болсун! Акыбети кандай жакшы орун!»-деп айтышат»** *(Раьад сүрөсү, 23-24-аяттар).*

Имам Бухарий «Сахих» китебинде Абу Хурайра риваят кылган хадисти төмөндөгүчө келтирет:«Ал айтты: Аллахтын элчиси айтты: «Эгер Аллах бир пендесин жакшы көрүп калса, Жебирейилге: «Аллах баланча пендени жакшы көрдү сен дагы жакшы көргүнүң» - деп айтат. Анан Жебирейил ал пендени жакшы көрүп, асман жашоочуларына карап: «Аллах баланча пендесин жакшы көрдү, силер дагы аны жакшы көргүлө» -деп кайрылат. Аны асман жашоочулары да жакшы көрөт. Андан кийин ал кишинин жердегилер да жакшы көрүп калышат».Ошол эле китепте дагы Абу Хурайрадан төмөндөгүчө риваят кылынат: «Ал айтты: «Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) айтты: «Жума күнүндө периштелер мечиттин бардык эшиктеринде туруп алып, намазга келгендерди жазып, каттап турушат. Имам (минбарга) отурган соң алар барактарды жаап, хутбаны угуу үчүн келишет».

Мына ушул кабарлар кээ бир адашкан адамдар айткандай периштелер моралдык (рухий гана) күч эмес. Телосу болгон реалдуу макулуктар экенин анык көргөзөт. Бул

маселеге бардык мусулман аалымдары ушул кабарлардын негизинде бир ооздон макул болушкан.

*

# Китептерге ыйман келтирүү

Китептер – жазылган таалимдер жыйнагы

Бул жерде «китептер» деген сөздөн, Бийик Аллах Өз пайгамбарлары аркылуу, эки дүйнөдө бактылуу өмүр сүрүүлөрү үчүн, пенделерине ырайым жана туура жол кылып жиберген китептери жөнүндө түшүнүк алынат.

## Китептерге ыйман келтирүү төрт нерсени өз ичине алат

Биринчи:Китептерге Бийик Аллах тарабынан жиберилген чындык деп караш.

Экинчи:Аты белгилүү болгон китептерге өз алдынча, ал эми аты бегилүү болбогон китептерге жалпысынан ыйман келтирүү. Аты белгилүү болгон китептер төмөндөгүлөр: Мухаммадга (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) жиберилген Курани Карим Ыйса алейхи саламга жиберилген Инжил, Муса алейхи саламга жиберилген Тоорат, Дауд алейхи саламга жиберилген ЗабурҮчүнчү:Китептердеги туура бурмаланбай, өзгөрүлбөй келген кабарларга ишенүүТөртүнчү:Бекер кылынбаган китеп өкүмдөрүнө амал кылуу. Ал өкүмдөрдүн сырын түшүнбөсөк да, билбесек да ыраазы болуп, моюн сунуу. Абалкы китептердин бардыгы Куран өкүмдөрү келген соң, бекер болгон. Аллах Таала айтты:

وَأَنْزَلْنَا إِلَيْكَ الْكِتَابَ بِالْحَقِّ مُصَدِّقًا لِمَا بَيْنَ يَدَيْهِ مِنَ الْكِتَابِ وَمُهَيْمِنًا عَلَيْهِ فَاحْكُمْ بَيْنَهُمْ

بِمَا أَنْزَلَ اللَّهُ وَلَا تَتَّبِعْ أَهْوَاءَهُمْ عَمَّا جَاءَكَ مِنَ الْحَقِّ لِكُلٍّ جَعَلْنَا مِنْكُمْ شِرْعَةً وَمِنْهَاجًا وَلَوْ شَاءَ اللَّهُ لَجَعَلَكُمْ أُمَّةً وَاحِدَةً وَلَكِنْ لِيَبْلُوَكُمْ فِي مَا آتَاكُمْ فَاسْتَبِقُوا الْخَيْرَاتِ إِلَى اللَّهِ مَرْجِعُكُمْ جَمِيعًا فَيُنَبِّئُكُمْ بِمَا كُنْتُمْ فِيهِ تَخْتَلِفُونَ

**«Биз сага, өзүнөн абалкы Китептерди тастыктаган жана аларга өкүмдарлык кылган Куранды акыйкат менен түшүрдүк»** *(Маида сүрөсү, 48-аят).* Башкача айтканда, "өткөн китептердин үстүнөн өкүмдарлык кылуучу"

Мына ушул аяттын өкүмү менен абалкы китептердин бардык өкүмдөрүнө амал кылуу токтотулган. Бир гана Куран өкүмдөрүнө дал келгендери гана чындык деп эсептелинет.

## Китептерге ыйман келтирүү төмөндөгүчө пайдаларды берет:

Биринчи: Бийик Аллахтын Өз пенделерине камкордугу билинет. Анткени, Аллах бардык элдерге туура жолду көргөзгөн китептерин жиберди.

Экинчи: Аллахтын өкүмдөрүндөгү (шариятындагы) сырлары билинет. Анткени, Бийик Аллах ар бир элдин өз ахыбал-шарттарына жараша шариаттарды жиберген. Бийик Аллах айтты:

وَأَنْزَلْنَا إِلَيْكَ الْكِتَابَ بِالْحَقِّ مُصَدِّقًا لِمَا بَيْنَ يَدَيْهِ مِنَ الْكِتَابِ وَمُهَيْمِنًا عَلَيْهِ فَاحْكُمْ بَيْنَهُمْ بِمَا أَنْزَلَ اللَّهُ وَلَا تَتَّبِعْ أَهْوَاءَهُمْ عَمَّا جَاءَكَ مِنَ الْحَقِّ لِكُلٍّ جَعَلْنَا مِنْكُمْ شِرْعَةً وَمِنْهَاجًا وَلَوْ شَاءَ اللَّهُ لَجَعَلَكُمْ أُمَّةً وَاحِدَةً وَلَكِنْ لِيَبْلُوَكُمْ فِي مَا آتَاكُمْ فَاسْتَبِقُوا الْخَيْرَاتِ إِلَى اللَّهِ مَرْجِعُكُمْ جَمِيعًا فَيُنَبِّئُكُمْ بِمَا كُنْتُمْ فِيهِ تَخْتَلِفُونَ

**«Силердин ар бириңер үчүн (өзүңөргө жараша) шарият жана жол кылып койдук»** *(Маида сүрөсү, 48-аят).*

Үчүнчү: Китептерге ыйман келтирген адам, Аллахтын пенделерине жиберген китептери жана ал китептердин ичиндеги шарияттар адамдарга чоң нээмат экенин билет жана Аллахка шүгүр кылат.

*

# Элчилерге (пайгамбарларга) ыйман келтирүү

Пайгамбар арапчада «расул». Расулдун мааниси «жиберилген элчи» дегенди билдирет.

Мындан максат: Расул деген бул - ага шарият жиберилип жана аны жеткирүүгө буйрулган инсан.

Расулдардын эң биринчиси Нух, эң акыркысы Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы)

Бийик Аллах айтты:

**إِنَّا أَوْحَيْنَا إِلَيْكَ كَمَا أَوْحَيْنَا إِلَى نُوحٍ وَالنَّبِيِّينَ مِنْ بَعْدِهِ وَأَوْحَيْنَا إِلَى إِبْرَاهِيمَ وَإِسْمَاعِيلَ وَإِسْحَاقَ وَيَعْقُوبَ وَالْأَسْبَاطِ وَعِيسَى وَأَيُّوبَ وَيُونُسَ وَهَارُونَ وَسُلَيْمَانَ وَآتَيْنَا دَاوُودَ زَبُورًا**

**«Эй Мухаммад, биз Нух жана андан кийинки пайгамбарларга аян, кабар кылганыбыз сыяктуу сага да аян, кабар кылдык»** *(Ниса сүрөсү, 163-аят).*

Имам Бухарийдин «Сахих» китебинде Анас Ибн Мааликтен риваят кылынган шапаат жөнүндөгү хадисте Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) мындай деген:«Адамдар шапаат (коргоочулук) кылышын суранып Адам (ата) алейхи

саламга келишет. Ал адамдарга бир себеп айтып: «Силер Аллах эң биринчи элчи кылып жиберген Нухка баргыла» - дейт. Бийик Аллах Куранда Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) жөнүндө айткан:

مَا كَانَ مُحَمَّدٌ أَبَا أَحَدٍ مِنْ رِجَالِكُمْ وَلَكِنْ رَسُولَ اللَّهِ وَخَاتَمَ النَّبِيِّينَ وَكَانَ اللَّهُ بِكُلِّ شَيْءٍ عَلِيمًا

**«Мухаммад, араңардагы эч бир эр кишинин атасы эмес, балким ал Аллахтын элчиси жана пайгамбарлардын акыркысыдыр»** *(Ахзаб сүрөсү, 40-аят).* Бийик Аллах ар бир элге атайын, өз алдынча шарият же болбосо. Абалкы пайгамбар алып келген шариятты толуктаган шарият менен Пайгамбар жиберип турган. Бийик Таала айтты:

وَلَقَدْ بَعَثْنَا فِي كُلِّ أُمَّةٍ رَسُولًا أَنِ اعْبُدُوا اللَّهَ وَاجْتَنِبُوا الطَّاغُوتَ فَمِنْهُمْ مَنْ هَدَى اللَّهُ وَمِنْهُمْ مَنْ حَقَّتْ عَلَيْهِ الضَّلَالَةُ فَسِيرُوا فِي الْأَرْضِ فَانْظُرُوا كَيْفَ كَانَ عَاقِبَةُ الْمُكَذِّبِينَ

**«Биз ар бир элге: «Аллахка гана ибадат кылып (шарияттын) чегинен чыгуудан алыс болгула» (деп элди чакыра турган) пайгамбарды жибердик»** *(Нахл сүрөсү, 36-аят).*

Бийик Аллах айтты:

إِنَّا أَرْسَلْنَاكَ بِالْحَقِّ بَشِيرًا وَنَذِيرًا وَإِنْ مِنْ أُمَّةٍ إِلَّا خَلَا فِيهَا نَذِيرٌ

**«Бардык элдердин арасында эскертүүчү пайгамбар өткөн»** *(Фатир сүрөсү, 24-аят).*

Бийик Аллах айтты:

إِنَّا أَنْزَلْنَا التَّوْرَاةَ فِيهَا هُدًى وَنُورٌ يَحْكُمُ بِهَا النَّبِيُّونَ الَّذِينَ أَسْلَمُوا لِلَّذِينَ هَادُوا وَالرَّبَّانِيُّونَ وَالْأَحْبَارُ بِمَا اسْتُحْفِظُوا مِنْ كِتَابِ اللَّهِ وَكَانُوا عَلَيْهِ شُهَدَاءَ فَلَا تَخْشَوُا النَّاسَ

وَاخْشَوْنِ وَلَا تَشْتَرُوا بِآيَاتِي ثَمَنًا قَلِيلًا وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ بِمَا أَنْزَلَ اللَّهُ فَأُولَئِكَ هُمُ الْكَافِرُونَ

**«Биз Тооратты ичинде туура жолго баштоочу жана нур болгон ахыбалында түшүрдүк. (Аллахка) моюн сунган пайгамбарлар аны менен яхудийлерге өкүм кылышат»** *(Маида сүрөсү, 44-аят).* Пайгамбарлар да инсан болушат. Аларда Бийик Таалага тийиштүү болгон жаратуу, бүткүл ааламды башкаруу, ырыскы берүү, сыйынылуучу зат болуу сыпаттары жок. Анткени, Бийик Аллах Өзүнүн алдында эң урматтуу жана бардык пайгамбарлардын улугу болгон Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) жөнүндө мындай деген:

قُلْ لَا أَمْلِكُ لِنَفْسِي نَفْعًا وَلَا ضَرًّا إِلَّا مَا شَاءَ اللَّهُ وَلَوْ كُنْتُ أَعْلَمُ الْغَيْبَ لَاسْتَكْثَرْتُ مِنَ الْخَيْرِ وَمَا مَسَّنِيَ السُّوءُ إِنْ أَنَا إِلَّا نَذِيرٌ وَبَشِيرٌ لِقَوْمٍ يُؤْمِنُونَ

**«(Эй, Мухаммед!) Айт: "Мен өзүмө пайда да, зыян да жеткире албаймын, болгону Аллах каалаган нерсеге гана эгемин. Эгер кайыпты билчү болсом, өзүм тилеген жакшылыктарды көбөйтүп жибермекмин жана мага жамандык жетмек эмес. Мен болгону ыйман келтире турган элдер үчүн тозоктон коркутуучу жана бейишти сүйүнчүлөөчүмүн** *(Аьраф сүрөсү, 188-аят).*

قُلْ إِنِّي لَا أَمْلِكُ لَكُمْ ضَرًّا وَلَا رَشَدًا (21) قُلْ إِنِّي لَنْ يُجِيرَنِي مِنَ اللَّهِ أَحَدٌ وَلَنْ أَجِدَ مِنْ دُونِهِ مُلْتَحَدًا

**«(Эй, Мухаммед!) Айт: "Мен силерге зыян да, туура жол да бере албайм.(Эгер мен күнөө кыла турган болсом) Мени эч ким Аллахтын (азабынан) куткара албайт жана мен Аллахтан башка коргонуу таба албаймын»** *(Жин сүрөсү, 21-22-аяттар).* Пайгамбарлар башка инсандар сыяктуу эле, жеп-ичет, бир нерсеге муктаж болот жана өлөт. Төмөнкү аятта Ибрахим алейхис салам өз Раббисин кандай

сыпаттаганын Бийик Аллах мындай баяндаган:

**وَالَّذِي هُوَ يُطْعِمُنِي وَيَسْقِينِ (79) وَإِذَا مَرِضْتُ فَهُوَ يَشْفِينِ (80) وَالَّذِي يُمِيتُنِي ثُمَّ يُحْيِينِ**

**«Ал (Аллах) мени жедирет, ичирет. Оорусам шыпаа берет. Жана мени өлтүрүп анан кайра тирилтет»** *(Шуара сүрөсү, 79-81-аяттар).* Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) айтты:«Мен деле сиздер сыяктуу инсанмын жана сиздер сыяктуу эле унутчаакмын. Эгер бир нерсени унутуп койсом, эскертип тургула». Бийик Аллах пайгамбарларды «ибадатты толук аткарышат» деп сыпаттаган. Нух пайгамбар тууралуу Бийик Аллах минтип айтат:

**ذُرِّيَّةَ مَنْ حَمَلْنَا مَعَ نُوحٍ إِنَّهُ كَانَ عَبْدًا شَكُورًا**

**«Ал (Нух) Аллахка шүгүр кылуучу пенде болчу»** *(Исра сүрөсү, 3-аят).* Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) жөнүндө айтты:

**تَبَارَكَ الَّذِي نَزَّلَ الْفُرْقَانَ عَلَى عَبْدِهِ لِيَكُونَ لِلْعَالَمِينَ نَذِيرًا**

**«Пендесине (Мухаммадка) бардык ааламдарга эскертүүчү болуш үчүн Куранды түшүргөн Зат бийик, улуу болду»** *(Фуркан сүрөсү, 1-аят).*

Ибрахим, Исхак, Якуб (аларга Аллахтын саламы болсун) жөнүндө айтты:

**وَاذْكُرْ عِبَادَنَا إِبْرَاهِيمَ وَإِسْحَاقَ وَيَعْقُوبَ أُولِي الْأَيْدِي وَالْأَبْصَارِ (45) إِنَّا أَخْلَصْنَاهُمْ بِخَالِصَةٍ ذِكْرَى الدَّارِ (46) وَإِنَّهُمْ عِنْدَنَا لَمِنَ الْمُصْطَفَيْنَ الْأَخْيَارِ**

**«Биздин пенделерибиз ибадатта күчтүү жана аң-сезимдүү болгон Ибрахим, Исхак жана Якубту эстегин!» Биз аларды (өзгөчө) касиет - Акыретти эстөөчү кылдык. Чынында, алар Биздин алдыбызда тандап**

**алынган жакшы адамдардан"** *(Сод сүрөсү, 45-47-аяттар).*

Ыйса пайгамбар жөнүндө айтты:

إِنْ هُوَ إِلَّا عَبْدٌ أَنْعَمْنَا عَلَيْهِ وَجَعَلْنَاهُ مَثَلًا لِبَنِي إِسْرَائِيلَ

**«Ал (Ыйса) бир пенде болуп, биз ага нээматтарды бердик жана аны Израил урпагына үлгү кылдык»** *(Зухруф сүрөсү, 59-аят).*

## Пайгамбарларга ыйман келтирүү төрт нерсени өз ичине алат

Биринчи: Алардын пайгамбарчылыгы Бийик Аллах тарабынан келген чындык экенине ыйман келтирүү. Алардын арасын ажыратпоо. Ким алардын бирөөсүнө гана ыйман келтирбесе, бардыгына ыйман келтирбеген (каапыр болгон) болот. Бийик Аллах айтты:

كَذَّبَتْ قَوْمُ نُوحٍ الْمُرْسَلِينَ

**«Нухтун коому (бардык) пайгамбарларды жалганчы деди»** *(Шуара сүрөсү, 105-аят).*

Бул аятта Бийик Аллах бир гана Нух пайгамбарга ишенбеген коомду, ал учурда андан башка пайгамбар болбогондугуна карабастан аларды бардык пайгамбарларга ишенбегенге теңеди. Ушул негизге таянып айтса болот: Мухаммаддын (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) пайгамбарчылыгын жалган деген христиандар Ыйсанын пайгамбарчылыгын да жалган деген жана ага ээрчибеген болушат. Анткени, Ыйса алейхи салам Мухаммаддын (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) пайгамбарлыгы жөнүндө алдын ала кабар берген болчу. Кабар берүүнүн мааниси: Мухаммад пайгамбар мурдагы жана келерки бардык

кооомдорду адашуудан чыгарып, туура жолго баштоо үчүн Бийик Аллах жибергендигин түшүндүрөт.

Экинчи: Ысымдары маалым болгон пайгамбарларга, ысымдары (жана даражалары) менен ыйман келтирүү. Маселен, пайгамбарлардан бешөө: Нух, Муса, Ибрахим, Ыйса жана Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) «улул-азм» (бекемдик ээлери болгон пайгамбарлар) деп аталат. Бийик Аллах айтты:

**وَإِذْ أَخَذْنَا مِنَ النَّبِيِّينَ مِيثَاقَهُمْ وَمِنْكَ وَمِنْ نُوحٍ وَإِبْرَاهِيمَ وَمُوسَى وَعِيسَى ابْنِ مَرْيَمَ وَأَخَذْنَا مِنْهُمْ مِيثَاقًا غَلِيظًا**

**«Биз пайгамбарлардан: «Сенден, Нухтан, Ибрахим, Муса жана Ыйса бин Марямдардан убадаларын алдык»** *(Ахзаб сүрөсү, 7-аят).*

Жана айтты:

**شَرَعَ لَكُمْ مِنَ الدِّينِ مَا وَصَّى بِهِ نُوحًا وَالَّذِي أَوْحَيْنَا إِلَيْكَ وَمَا وَصَّيْنَا بِهِ إِبْرَاهِيمَ وَمُوسَى وَعِيسَى أَنْ أَقِيمُوا الدِّينَ وَلَا تَتَفَرَّقُوا فِيهِ كَبُرَ عَلَى الْمُشْرِكِينَ مَا تَدْعُوهُمْ إِلَيْهِ اللَّهُ يَجْتَبِي إِلَيْهِ مَنْ يَشَاءُ وَيَهْدِي إِلَيْهِ مَنْ يُنِيبُ**

**"Ал силерге Нухка осуят кылган динди шарият кылып берди. Биз сага вахий кылган (жиберген) динди Ибрахимге, Мусага жана Исага: "Динди толук тургузгула жана андан бөлүнүп кетпегиле", - деп вахий кылганбыз (жибергенбиз)"** *(Шувра сүрөсү, 13-аят).* Ал эми, ысымы маалым болбогон пайгамбарларга жалпысынан ыйман келтиребиз. Бийик Аллах Мухаммадка (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) кайрылып айтты:

**وَلَقَدْ أَرْسَلْنَا رُسُلًا مِنْ قَبْلِكَ مِنْهُمْ مَنْ قَصَصْنَا عَلَيْكَ وَمِنْهُمْ مَنْ لَمْ نَقْصُصْ عَلَيْكَ وَمَا كَانَ لِرَسُولٍ أَنْ يَأْتِيَ بِآيَةٍ إِلَّا بِإِذْنِ اللَّهِ فَإِذَا جَاءَ أَمْرُ اللَّهِ قُضِيَ بِالْحَقِّ وَخَسِرَ هُنَالِكَ**

الْمُبْطِلُونَ

**«Биз сенден илгери да пайгамбарларды жибердик. Алардын кээ бирлеринин кабарын берсек, кээ бирлеринин кабарын бербедик»** *(Гаафыр сүрөсү, 78-аят).*

Үчүнчү: Пайгамбарлардан риваят кылынган, ишеничтүү жол менен келген кабарларды тастыктоо.

Төртүнчү: Эң акыркы пайгамбар Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) алып келген ислам шарияты менен амал кылуу. Бийик Аллах айтты:

فَلَا وَرَبِّكَ لَا يُؤْمِنُونَ حَتَّى يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ بَيْنَهُمْ ثُمَّ لَا يَجِدُوا فِي أَنْفُسِهِمْ حَرَجًا مِمَّا قَضَيْتَ وَيُسَلِّمُوا تَسْلِيمًا

**«Жок, Раббиңе ант, (Эй Мухаммад) Алар өз араларындагы жаңжал-тартышууларына сени өкүмдар кылмайынча жана сенин өкүмүңө, жүрөгүндө наразычылык калбай, толук моюн сунмайынча (толук) ыймандуу боло алышпайт»** *(Ниса сүрөсү, 65-аят).*

## Пайгамбарларга ыйман келтирүүнүн чоң пайдалары бар, мисалы:

Биринчи: Бийик Аллахтын Өз пенделерине болгон ырайымын, камкордугун билебиз. Анткени, Бийик Аллахка ибадат кылуунун жана жашоонун эрежелерин үйрөтүү үчүн адамдарга мугалим катары пайгамбарларды жиберди. Ансыз акылдын өзү бул нерселерди биле албайт болчу.

Экинчи: Бийик Аллахтын ушул чоң нээматына шүгүрчүлүк келтирүү.

Үчүнчү: Пайгамбарларды сүйүү жана аларды ылайык

болгон даражада урматтоо жана мактоо. Себеби, алар Аллахка ибадат кылышты, Анын динин элдерге жеткирип, насаат айтышты.«Пайгамбарлар инсан насилинен эмес» деп күмөн кылган өжөр адамдар, өз пайгамбарын жалганчыга чыгарган болушат. Бийик Аллах Курани Каримде пайгамбарлардын тилинен мындай деген:

**وَمَا مَنَعَ النَّاسَ أَنْ يُؤْمِنُوا إِذْ جَاءَهُمُ الْهُدَى إِلَّا أَنْ قَالُوا أَبَعَثَ اللَّهُ بَشَرًا رَسُولًا (94) قُلْ لَوْ كَانَ فِي الْأَرْضِ مَلَائِكَةٌ يَمْشُونَ مُطْمَئِنِّينَ لَنَزَّلْنَا عَلَيْهِمْ مِنَ السَّمَاءِ مَلَكًا رَسُولًا**

**"Аларга туура жол келгенде, адамдардын ыйман келтирүүсүнө "Аллах адамды пайгамбар кылып жиберет бекен?!" деген сөздөрү гана тоскоол болду" Айткын: "Эгер жер бетинде периштелер жайбаракат басып жүрүшкөндө (жашашканда), Биз аларга асмандан периштелерди пайгамбар кылып жибермекпиз"** *(Исра сүрөсү, 94-95-аяттар).*

Алардын элчи periште болушу керек деген ойлорун Аллах жокко чыгарды. Анткени элчи жиберилип жаткан коом жердегилер, тагыраагы, адамдар, аларга жиберилген элчи да адам болуусу керек. А эгер жерде периштелер жашаганда, анда аларга элчи кылып периште жиберилмек. Аллах элчилерди жалганчы деген коомдор тууралуу минтип баян кылды, (алар):

**قَالَتْ رُسُلُهُمْ أَفِي اللَّهِ شَكٌّ فَاطِرِ السَّمَاوَاتِ وَالْأَرْضِ يَدْعُوكُمْ لِيَغْفِرَ لَكُمْ مِنْ ذُنُوبِكُمْ وَيُؤَخِّرَكُمْ إِلَى أَجَلٍ مُسَمًّى قَالُوا إِنْ أَنْتُمْ إِلَّا بَشَرٌ مِثْلُنَا تُرِيدُونَ أَنْ تَصُدُّونَا عَمَّا كَانَ يَعْبُدُ آبَاؤُنَا فَأْتُونَا بِسُلْطَانٍ مُبِينٍ (10) قَالَتْ لَهُمْ رُسُلُهُمْ إِنْ نَحْنُ إِلَّا بَشَرٌ مِثْلُكُمْ وَلَكِنَّ اللَّهَ يَمُنُّ عَلَى مَنْ يَشَاءُ مِنْ عِبَادِهِ وَمَا كَانَ لَنَا أَنْ نَأْتِيَكُمْ بِسُلْطَانٍ إِلَّا بِإِذْنِ اللَّهِ وَعَلَى اللَّهِ فَلْيَتَوَكَّلِ الْمُؤْمِنُونَ**

**"Силер (пайгамбар эмес,) биз сыяктуу эле адамсыңар. Бизди ата-бабабыз сыйынып келген нерседен тосууну каалап жатасыңар. Андай болсо, бизге ачык далил**

**алып келгиле" (деп айтышканда):«...пайгамбарлар айтышты:» Биз деле силер сыяктуу инсанбыз. Бирок Аллах Өзү каалаган кишилерге жакшылыгын (пайгамбарлыгын) берет. Биз силерге далилдерди Аллахтын каалоосу менен гана келтире алабыз»** *(Ибрахим сүрөсү, 10-11-аяттар).*

*

# Акырет күнүнө ыйман келтирүү

Акырет – адамдардын ушул дүйнөдөгү жашоосунан эсеп берүүлөрү жана жаза (азап же ырахат) алуулары үчүн кайра тириле турган кыямат күндүн аталышы.

Акырет (акыркы күн) деп аталып калуусунун себеби, ал кун - бул дүйнө күндөрүнүн акыркысы болгондуктан. Ал күнү Бейиш эли Бейиштен, Тозокко ылайык болгондор Тозоктон орун алышат.

## Акыретке ыйман үч маселени өз ичине алат:

Биринчи:Кайра тирилүүгө ишенүү. Кайра тирилүү. Исраил периштеси «Сур» деп аталган кернейди экинчи жолу тартканда болот. Кайра тирилген адамдар мүрзөдөн чыкканда жылаңач, жылаңайлак жана энеден төрөлгөндөй (сүннөткө отургузулбаган) абалда Аллахтын алдында турушат. Бийик Аллах айтты:

**يَوْمَ نَطْوِي السَّمَاءَ كَطَيِّ السِّجِلِّ لِلْكُتُبِ كَمَا بَدَأْنَا أَوَّلَ خَلْقٍ نُعِيدُهُ وَعْدًا عَلَيْنَا إِنَّا كُنَّا فَاعِلِينَ**

**«Абалкы жаратканыбыздай жаратабыз. Бизде убада бергендей албетте (ушундай) кылуучубуз»** *(Анбия сүрөсү, 104-аят).*

Кайра тирилүү Куран, Сүннөт жана жалпы мусулмандардын каршылыксыз макулдугу менен далилденген чындык.

Бийик Аллах айтты:

ثُمَّ إِنَّكُمْ بَعْدَ ذَلِكَ لَمَيِّتُونَ (15) ثُمَّ إِنَّكُمْ يَوْمَ الْقِيَامَةِ تُبْعَثُونَ

**«Кийин силер, ошондон соң өлөсүңөр"Андан соң кыямат күнүндө кайра тирилттирилерсиңер»** *(Муьминун сүрөсү, 15-16-аяттар).* Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) айтты:«Адамдар кыямат күнүндө жылаңайлак, энеден төрөлгөндөй (сүннөткө отургузулбаган) абалда чогулушат.

Мусулмандар кайра тирилүүнүн чындык экенине бир пикирде болушкан. Кайра тирилүү Аллахтын даанышмандыгынын талабы: Бийик Аллах өзүнүн жараткан инсандарына пайгамбарларды жиберип, аларды кээ бир ибадаттарга буюрган болчу. Эми ошол ибадаттарды кандай деңгээлде аткарганына жооп берүү үчүн, аткаргандарына соо-сыйлык, аткарбагандарына жазаларын алуусу үчүн Аллахтын алдына кайтуулары зарыл. Бийик Аллах айтты:

أَفَحَسِبْتُمْ أَنَّمَا خَلَقْنَاكُمْ عَبَثًا وَأَنَّكُمْ إِلَيْنَا لَا تُرْجَعُونَ

**«Силер, Биз (Аллах) силерди бекерге (максатсыз) эле жараткан жана Бизге кайтарылып келбейбиз деп ойлойсуңарбы?»** *(Муьминун сүрөсү, 115-аят).*

Аллах пайгамбарына (Ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) айтты:

إِنَّ الَّذِي فَرَضَ عَلَيْكَ الْقُرْآنَ لَرَادُّكَ إِلَى مَعَادٍ قُلْ رَبِّي أَعْلَمُ مَنْ جَاءَ بِالْهُدَى وَمَنْ هُوَ فِي ضَلَالٍ مُبِينٍ

**«Сага Куранды парыз кылган Зат, сөзсүз түрдө сени кыяматка кайтаруучу»** *(Касас сүрөсү, 85-аят).*

Экинчи: Эсеп жана жазага ишенүү. Пенде өзү жасаган бардык иштери үчүн эсеп берип, сыйлыгын же жазасын алат. Буга Курандан, Сүннөттөн жана Ижмаадан (мусулмандардын каршылыксыз макулдугунан) далилдер бар.

Бийик Аллах айтты:

**إِنَّ إِلَيْنَا إِيَابَهُمْ (25) ثُمَّ إِنَّ عَلَيْنَا حِسَابَهُمْ**

**«Шексиз, алардын кайтышы – Бизге. Кийин алардан эсеп-китеп алуу (дагы) биздин ишибиз»** *(Гашия сүрөсү, 25-26-аяттар).*

Бийик Аллах айтты:

**مَن جَاءَ بِالْحَسَنَةِ فَلَهُ عَشْرُ أَمْثَالِهَا وَمَن جَاءَ بِالسَّيِّئَةِ فَلَا يُجْزَى إِلَّا مِثْلَهَا وَهُمْ لَا يُظْلَمُونَ**

**«Жакшылык алып келген кишиге он эсе көбөйүүсү бар. Жамандык алып келген кишиге (ошол жамандык көлөмүнчө жаза берилет жана алар (эч бир абалда) зулум көрүшпөйт»** *(Аньам сүрөсү, 160-аят).*

Бийик Аллах айтты:

**وَنَضَعُ الْمَوَازِينَ الْقِسْطَ لِيَوْمِ الْقِيَامَةِ فَلَا تُظْلَمُ نَفْسٌ شَيْئًا وَإِن كَانَ مِثْقَالَ حَبَّةٍ مِّنْ خَرْدَلٍ أَتَيْنَا بِهَا وَكَفَى بِنَا حَاسِبِينَ**

**«Кыямат күн үчүн адилет таразаларды коёобуз, эч бир жанга зулум кылынбайт. Эгер (амал-жасалган иш) кычы данынын уругунча болсо да, Биз (аны таразага) алып келебиз. Биз жетишерлик эсеп-китеп кылабыз»** *(Анбия*

*сүрөсү, 47-аят).*

Ибн Умар, Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) минтип айтканын жеткирет:«Кыямат күндө Бийик Аллах ыймандуу кишини Өзүнө жакындаштырып: «паландай, түкүндөй күнөөлөрүңдү билесиңби?» - деп сурайт. Пенде: «Ооба эй Раббим»-деп жооп берет. (Ошентип) Аллах аны бардык күнөөлөрүн мойнуна алдыртып, пенде «эми өлдүм» деп калганда Аллах:«Эй пендем, Мен сенин (бул) күнөөлөрүңдү дүйнөдө жашырган болчумун. Бүгүн сен үчүн аларды кечиремин» - дейт дагы, пендеге жакшылык баракчасы (оң жагынан) берилет. Ал эми, каапыр жана мунафыктарды (эки жүздүүлөрдү) бардык калайыктын алдында ашкереленип: «Мына булар Раббилерине жалган сүйлөшкөн. Билип койгула, Залимдерге Аллахтын наалаты болот!» деп айтылат». Пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) келген ишенимдүү хадисте айтылат: «Ким жакшылыкты максат кылып, аны жасаса, Аллах Өз алдында ага андан жети жүзгө чейин жана андан да бир нече барабар көбүрөөк сооп берет. Ким жамандыкты максат кылып, аны жасаса, Аллах ага бир гана жамандык жазат». Чынында, мусулмандар эсеп-кысаптын болоруна жана амалына жараша жазаланарына баары ишенишкен. Анткени, Аллах китептерди түшүрдү, элчилерди жиберди, пенделерге элчилердин алып келген динин кабыл кылууну, аткарууга буйрулгандарын аткарууну буйруду. Мындан баш тарткандарга эскертүүнү айтты. Эгер эсеп-кысап, жаза берүү болбосо, анда булардын баары жөндөн-жөн эле буйурулмак беле. Бул тууралуу Аллах минтип айткан:

فَلَنَسْأَلَنَّ الَّذِينَ أُرْسِلَ إِلَيْهِمْ وَلَنَسْأَلَنَّ الْمُرْسَلِينَ (6) فَلَنَقُصَّنَّ عَلَيْهِمْ بِعِلْمٍ وَمَا كُنَّا غَائِبِينَ

**Биз албетте, пайгамбарлар жиберилген (эл)дерди да, пайгамбарларды(н өзүн) да суракка тартабыз. Кийин, албетте, аларга (жасаган иштерин) билип, айтып беребиз. Жана Биз аларга жашыруун эмеспиз. (Биз алардын жанында ар дайым болобуз)** *(Аъраф сүрөсү, 6-7-аяттар).*

Үчүнчү: Бейиш жана Тозокко ишенүү Бул экөө пенделердин келечектеги түбөлүктүү орду болуп эсептелет.

Бейиш, ыймандуулар үчүн Бийик Аллах даярдаган жыргалчылык жайы. Бейиш – Аллах «ыйман келтиргиле» деп буюрган нерселерге ыйман келтирген, Аллахка ыкылас жана пайгамбарына ээрчүү менен моюн сунган такыбаа момундарга Аллахтын даярдап, белектеп койгон жакшылыктардын мекени. Бейиште көз көрбөгөн, кулак укпаган жана инсандын кыялына да келбеген ар түркүн жакшылыктар бар. Бийик Аллах айтты:

**إِنَّ الَّذِينَ آمَنُوا وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ أُولَئِكَ هُمْ خَيْرُ الْبَرِيَّةِ (7) جَزَاؤُهُمْ عِنْدَ رَبِّهِمْ جَنَّاتُ عَدْنٍ تَجْرِي مِنْ تَحْتِهَا الْأَنْهَارُ خَالِدِينَ فِيهَا أَبَدًا رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمْ**

**«Ыйман келтирип жакшы амалдарды кылган адамдар, ошолор гана жаратылгандардын эң жакшысы. Аларга Раббилеринин алдындагы сыйлыктары-астынан дарыялар агып турган жана анда түбөлүк калыша турган "Адн" бактары. Алардан Аллах, алар Аллахтан ыраазы болушту. Бул (сыйлыктар) Раббисинен корккон кишиге гана» (Байиина сүрөсү, 7-8-аяттар).**

Бийик Аллах айтты:

**فَلَا تَعْلَمُ نَفْسٌ مَا أُخْفِيَ لَهُمْ مِنْ قُرَّةِ أَعْيُنٍ جَزَاءً بِمَا كَانُوا يَعْمَلُونَ**

**«Эч бир жан (ээси), өзү үчүн кылган амалдарына белек иретинде кандай көз сүйүнткөн нерселер**

**жашыруун даярдалып коюлганын билбейт»** *(Сажда сүрөсү, 17-аят).* Ал эми, Тозок пайгамбарларга (алар алып келген динге) ыйман келтирбеген жана күнөөдөн кайтпаган адамдар үчүн Бийик Аллах даярдап койгон, инсандын оюна келбеген ар түрлүү азаптар бериле турган орундун аты. Бийик Аллах айтты:

**وَاتَّقُوا النَّارَ الَّتِي أُعِدَّتْ لِلْكَافِرِينَ**

**«Каапырлар үчүн даярдап коюлган тозоктон корккула»** *(Аалы Имран сүрөсү, 131-аят).*

Бийик Аллах айтты:

**وَقُلِ الْحَقُّ مِنْ رَبِّكُمْ فَمَنْ شَاءَ فَلْيُؤْمِنْ وَمَنْ شَاءَ فَلْيَكْفُرْ إِنَّا أَعْتَدْنَا لِلظَّالِمِينَ نَارًا أَحَاطَ بِهِمْ سُرَادِقُهَا وَإِنْ يَسْتَغِيثُوا يُغَاثُوا بِمَاءٍ كَالْمُهْلِ يَشْوِي الْوُجُوهَ بِئْسَ الشَّرَابُ وَسَاءَتْ مُرْتَفَقًا**

**«Биз заалимдерге тозокту даярдап койдук. Анын алоолору аларды ороп алат. Эгер алар жардам сурашса, аларга жүздөрүн күйгүзүп койо турган (даражадагы кайнак) ириң сыяктуу суу (ну ичирүү) менен «жардам берилет». Бул не деген жаман суусундук жана жаман орун!»** *(Кахф сүрөсү, 29-аят).*

Бийик Аллах айтты:

**إِنَّ اللَّهَ لَعَنَ الْكَافِرِينَ وَأَعَدَّ لَهُمْ سَعِيرًا (64) خَالِدِينَ فِيهَا أَبَدًا لَا يَجِدُونَ وَلِيًّا وَلَا نَصِيرًا (65) يَوْمَ تُقَلَّبُ وُجُوهُهُمْ فِي النَّارِ يَقُولُونَ يَا لَيْتَنَا أَطَعْنَا اللَّهَ وَأَطَعْنَا الرَّسُولَا**

**"Бийик Аллах каапырларга каргыш айтты жана алар үчүн тозокту даярдап койду. Алар ал жерде (тозокто) дос жана жардамчы таппай, түбөлүккө калышат. Жүздөрү тозокто ары-бери оодарылып күйгүзүлгөндө алар: «Аттиң ай, Аллахка жана Анын элчисине моюн сунганыбызда кана эле!» - дешет»** *(Ахзаб сүрөсү, 65-66-*

*ааттар).*

## Пайгамбарларга ыйман келтирүүнүн чоң пайдалары бар, мисалы:

Биринчи: Ал күндүн сообун үмүт кылып, ибадатты каалап ага умтулуу

Экинчи: Ал күндүн азабынан коркуп, күнөөгө баргандан жана ага ыраазы болгондон коркуу

Үчүнчү: Бул дүйнөдө жете албаган жыргалчылыктардын ордуна акырет жыргалчылыктарын үмүт кылуу менен ыймандуу адамдын көңүлүн сооротуу.

Каапырлар «мүмкүн эмес» деп, кайра тирилүүнү четке кагышты.

Бул күмөндүн негизсиз экенине шарият, сезимдер жана акыл-эс далилдерди келтирет.

Шарияттын далилдери: Бийик Аллах айтты:

**زَعَمَ الَّذِينَ كَفَرُوا أَنْ لَنْ يُبْعَثُوا قُلْ بَلَى وَرَبِّي لَتُبْعَثُنَّ ثُمَّ لَتُنَبَّؤُنَّ بِمَا عَمِلْتُمْ وَذَلِكَ عَلَى اللَّهِ يَسِيرٌ**

**«Каапырлар: «кайра тирилбейбиз» - деп күмөн кылышты. Сен (аларга): «Андай эмес, Раббиме ант, силер кайра тирилтилесиңер, кийин силерге кылган ишиңердин кабары берилет. Бул Аллах үчүн жеңил» - деп айткын»** *(Тагаабун сүрөсү, 7-аят).*

Асмандан түшкөн китептердин бардыгы кайра тирилүүнүн чындык экенин бир добуштан айтышкан.

## Сезимдердин далили: Бийик Аллах ушул эле дүйнөдө өлүктөрдү кайра тирилтүүсүн

көргөзгөн. «Бакара» сүрөсүндө буга беш мисал бар.

Биринчи мисал: Мусага (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы болсун) коому айтышты:

وَإِذْ قُلْتُمْ يَا مُوسَى لَنْ نُؤْمِنَ لَكَ حَتَّى نَرَى اللَّهَ جَهْرَةً فَأَخَذَتْكُمُ الصَّاعِقَةُ وَأَنْتُمْ تَنْظُرُونَ

**«Сен бизге Аллахты анык көргөзмөйүнчө сага ыйман келтирбейбиз» - дешкенде** *(Бакара сүрөсү, 55-аят),* Аллах алардын (өздөрүн) өлтүрдү жана кайра тирилтти. Бул окуя жөнүндө Аллах Исраил урпактарына кайрылып, мындай деди:

وَإِذْ قُلْتُمْ يَا مُوسَى لَنْ نُؤْمِنَ لَكَ حَتَّى نَرَى اللَّهَ جَهْرَةً فَأَخَذَتْكُمُ الصَّاعِقَةُ وَأَنْتُمْ تَنْظُرُونَ (55)
ثُمَّ بَعَثْنَاكُمْ مِنْ بَعْدِ مَوْتِكُمْ لَعَلَّكُمْ تَشْكُرُونَ

**«Силер: «Эй Муса, Аллахты анык көрбөсөк, сага ишенбейбиз» - деп айттыңар. Натыйжада, силер(ден бир тобуңар бири-бирин) карап турган абалда силерди чагылган урду,анан биз силерди, мүмкүн шүгүр кылаарсыңар деп кайра тирилттик»** *(Бакара сүрөсү, 55-56-аяттар).*

Экинчи мисал: Исраил урпактары өз ара келише албай калышкандагы өлүк окуясы: Ошол өлүктү ким өлтүргөнүн биле албай талашып башташканда Бийик Аллах аларга бир уйду союп, анын бир бөлүк эти менен өлүктү уруруга буюрат. Ошентишкенде өлүк тирилип, өзүн ким өлтүргөнүн айтып берет. Бул тууралуу Бийик Аллах айтты:

وَإِذْ قَتَلْتُمْ نَفْسًا فَادَّارَأْتُمْ فِيهَا وَاللَّهُ مُخْرِجٌ مَا كُنْتُمْ تَكْتُمُونَ (72) فَقُلْنَا اضْرِبُوهُ بِبَعْضِهَا
كَذَلِكَ يُحْيِي اللَّهُ الْمَوْتَى وَيُرِيكُمْ آيَاتِهِ لَعَلَّكُمْ تَعْقِلُونَ

**"Бирөөнү өлтүрүп койуп, ал тууралуу өз ара талаш-тартышка түштүңөр, Аллах силер жашырганды ачыкка чыгарат. Анан Биз: "Уйдун бир бөлүк эти менен аны ургула, (ал тирилет)" дедик. Аллах өлүктөрдү**

**мына ушинтип тирилтет жана силерге өз кереметин көргөзөт. Мүмкүн силер акыл жүргүзөөрсүңөр** *(Бакара сүрөсү, 72-73-аяттар).*

Үчүнчү мисал: Бийик Аллах, өз мекендериндеги өлүмдөн качкан миңдеген адамдарды өлтүрүп, кайра тирилткен окуя баяны. Бул жөнүндө Бийик Аллах айтты:

**أَلَمْ تَرَ إِلَى الَّذِينَ خَرَجُوا مِنْ دِيَارِهِمْ وَهُمْ أُلُوفٌ حَذَرَ الْمَوْتِ فَقَالَ لَهُمُ اللَّهُ مُوتُوا ثُمَّ أَحْيَاهُمْ إِنَّ اللَّهَ لَذُو فَضْلٍ عَلَى النَّاسِ وَلَكِنَّ أَكْثَرَ النَّاسِ لَا يَشْكُرُونَ**

**«Мекендеринен өлүмдөн сактанып качып чыккан миңдеген кишилерди көрбөдүңбү? Аллах аларга «Өлгүлө!» -деп айтты. (Алар өлүштү). Андан соң Аллах аларды тирилтти...»** *(Бакара сүрөсү, 243-аят).*

Төртүнчү мисал: Кыйраган айыл жанынан өтүп бара жатып, ушул өлүктөрдү Аллах кантип тирилтет деп ойлогон адам жөнүндө. Аллах аны өлтүрүп, жүз жылдан соң кайра тирилткен. Бул жөнүндө Бийик Аллах айтты:

**أَوْ كَالَّذِي مَرَّ عَلَى قَرْيَةٍ وَهِيَ خَاوِيَةٌ عَلَى عُرُوشِهَا قَالَ أَنَّى يُحْيِي هَذِهِ اللَّهُ بَعْدَ مَوْتِهَا فَأَمَاتَهُ اللَّهُ مِائَةَ عَامٍ ثُمَّ بَعَثَهُ قَالَ كَمْ لَبِثْتَ قَالَ لَبِثْتُ يَوْمًا أَوْ بَعْضَ يَوْمٍ قَالَ بَلْ لَبِثْتَ مِائَةَ عَامٍ فَانْظُرْ إِلَى طَعَامِكَ وَشَرَابِكَ لَمْ يَتَسَنَّهْ وَانْظُرْ إِلَى حِمَارِكَ وَلِنَجْعَلَكَ آيَةً لِلنَّاسِ وَانْظُرْ إِلَى الْعِظَامِ كَيْفَ نُنْشِزُهَا ثُمَّ نَكْسُوهَا لَحْمًا فَلَمَّا تَبَيَّنَ لَهُ قَالَ أَعْلَمُ أَنَّ اللَّهَ عَلَى كُلِّ شَيْءٍ قَدِيرٌ**

**«Же бир кишиге окшош, ал адам заты жашабаган, талкаланган бир айылдан өтүп: «Аллах мунун элин кантип тирилтет?» - деди. Кийин Аллах аны (н өзүн) жүз жылга өлтүрүп, анан кайра тирилтти да ага: «сен (өлүк абалда) канча турдуң?» - деп сурады. Ал: «Болгону бир күн же анын бир бөлүгүнчө турдум» - деди. Аллах айтты: «Жок, сен жүз жыл турдуң. Сен өзүңдүн тамак, суусундугуңа кара, алар бузулбаган. Эшегиңе да кара. Биз сени адамдарга (Өзүбүздүн кудуретибизден) белги-**

**керемет кылуу үчүн (кайра тирилттик). Сөөктөргө карабиз аларды кантип курaштырып, кантип ага эт каптайбыз» Ал (кайра тирилген киши) – бул иштер билинген соң – айтты: “Мен Аллахтын бардык нерсеге кудуреттүү экенин билем»** *(Бакара сүрөсү, 259-аят).*

Бешинчи мисал: Ибрахимдин (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы болсун) окуясы. Ибрахим (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы болсун) Аллахтан өлүктөрдү кандай тирилтүүсү жөнүндө сурады. Аллах ага төрт кушту союп, алардын эттерин төрт тараптагы тоого таратып, анан аларды чакырууга буюрду. Ибрахим айтылган буйрукту аткарганда, ал төрт куштун бөлүктөрү бири-бирине куралып, кайра тирилип, анын астына ылдам келишти. Бул окуяны Бийик Аллах мындай баяндаган:«Ибрахим Аллахка: «Эй Раббим! Мага өлүктөрдү кантип тирилтүүңдү көргөз» - дегенде, Аллах: «Сен (өлүктөрдү кайра тирилтүүмө) ыйман келтирбедиңби?» - деди. Ибрахим: «Ооба (ыйман келтирдим), бирок жүрөгүм бейпил болуусу үчүн (суранып жатам) -деди. Аллах айтты:

**وَإِذْ قَالَ إِبْرَاهِيمُ رَبِّ أَرِنِي كَيْفَ تُحْيِي الْمَوْتَى قَالَ أَوَلَمْ تُؤْمِنْ قَالَ بَلَى وَلَكِنْ لِيَطْمَئِنَّ قَلْبِي قَالَ فَخُذْ أَرْبَعَةً مِنَ الطَّيْرِ فَصُرْهُنَّ إِلَيْكَ ثُمَّ اجْعَلْ عَلَى كُلِّ جَبَلٍ مِنْهُنَّ جُزْءًا ثُمَّ ادْعُهُنَّ يَأْتِينَكَ سَعْيًا وَاعْلَمْ أَنَّ اللَّهَ عَزِيزٌ حَكِيمٌ**

**«Төрт кушту алып, өзүңө каратып (союп, бөлүп), Андан соң алардын (өлүк) бөлүктөрүн ар кайсы тоого коюп, анан чакыр. Алар астыңа ылдам келишет. Дагы билгин: Аллах Кубаттуу жана Даанышман болгон Зат»** *(Бакара сүрөсү, 260-аят).*

Мына ушул болгон – көз көргөн окуялар өлүктөрдү тирилтүү мүмкүндүгүн көргөзүп турат. Жогоруда, Аллахтын уруксааты менен Иса пайгамбарга өлүктөрдү кайра

тирилтүү жана мүрзөлөрүнөн чыгаруу керемети берилгендиги жөнүндө айтылып өтүлдү.

## Кайра тирилтүүнүн чындык экенине акыл-эстин далили эки тараптуу:

Экөөнүн бири: Бийик Аллах жер, асмандар жана алардагы нерселерди алгачкысынан баштап баарын Өзү жараткан болсо, демек кайра дагы жаратууга да кудуреттүү болот. Бийик Аллах айтты:

وَهُوَ الَّذِي يَبْدَأُ الْخَلْقَ ثُمَّ يُعِيدُهُ وَهُوَ أَهْوَنُ عَلَيْهِ وَلَهُ الْمَثَلُ الْأَعْلَى فِي السَّمَاوَاتِ وَالْأَرْضِ وَهُوَ الْعَزِيزُ الْحَكِيمُ

**«Аллах макулуктарды биринчи жолу жараткан. Кийин (кыяматта) кайрадан жарата турган Зат. Жана ал (кайра жаратуу) Аллахка эң эле жеңил»** *(Рум сүрөсү, 27-аят).*

Бийик Аллах айтты:

يَوْمَ نَطْوِي السَّمَاءَ كَطَيِّ السِّجِلِّ لِلْكُتُبِ كَمَا بَدَأْنَا أَوَّلَ خَلْقٍ نُعِيدُهُ وَعْدًا عَلَيْنَا إِنَّا كُنَّا فَاعِلِينَ

**«Абалкы жаратканыбыздай жаратабыз. Биз албетте (ушундай) кылуучубуз»** *(Анбия сүрөсү, 104-аят).*

Чирип калган сөөктү кайра тирилтүүгө ишенбегендерге жооп кылып айтты:

قُلْ يُحْيِيهَا الَّذِي أَنْشَأَهَا أَوَّلَ مَرَّةٍ وَهُوَ بِكُلِّ خَلْقٍ عَلِيمٌ

**Айткын: «Аны биринчи ирет (оболу топурактан, анан бел суудан) жараткан Зат (кайра дагы ошол топурактан) тирилтет. Ал ар бир макулукту (кандай жаратаарын жакшы) билет". (Ясин сүрөсү, 79-аят).**

Экинчиси: Не бир шибер, не бир дарак болбогон тап-

такыр боз жер жамгыр жаашы менен арекетке келип, көпчүп чыгып, көгөрүп тирилип адамдарды кубанычка бөлөйт. Ушул өлүк жерди ушинтип кайра тирилткен Зат, өлүк денелерди да кайра тирилтүүгө шексиз кудуреттүү. Бийик Аллах айтты:

**وَمِنْ آيَاتِهِ أَنَّكَ تَرَى الْأَرْضَ خَاشِعَةً فَإِذَا أَنْزَلْنَا عَلَيْهَا الْمَاءَ اهْتَزَّتْ وَرَبَتْ إِنَّ الَّذِي أَحْيَاهَا لَمُحْيِي الْمَوْتَى إِنَّهُ عَلَى كُلِّ شَيْءٍ قَدِيرٌ**

**«Аллахтын белгилеринин бири: сен жерди тынч (жансыз) турганын көрөсүң. (Анан) Биз ага жамгыр жаадырсак, кыймылга келип, өсөт (көпчүп чыгат). Ошол жерди тирилткен Зат, сөзсүз өлүктөрдү да тирилтүүчү. Аллах, шексиз, бардык нерсеге Кудуреттүү»** *(Фуссилат сүрөсү, 39-аят).*

Бийик Аллах айтты:

**وَنَزَّلْنَا مِنَ السَّمَاءِ مَاءً مُبَارَكًا فَأَنْبَتْنَا بِهِ جَنَّاتٍ وَحَبَّ الْحَصِيدِ (9) وَالنَّخْلَ بَاسِقَاتٍ لَهَا طَلْعٌ نَضِيدٌ (10) رِزْقًا لِلْعِبَادِ وَأَحْيَيْنَا بِهِ بَلْدَةً مَيْتًا كَذَلِكَ الْخُرُوجُ**

**«Биз асмандан берекелүү сууну жаадырдык. Андан соң ал (жамгыр) менен бак-дарактарды, үрөн-уруктардыжана мөмөлүү, бийик курмалардыпенделерге ырыскы кылып өстүрдүк жана өлүк шаарларды тирилттик. Кайтуу да ушундай болот» (Каф сүрөсү, 9-11-аяттар).**

## Акырет күнүнө ыйман келтирүүнүн курамына

өлүмдөн соң болчу бардык нерселер кирет.

Кабыр (мүрзө) сыноосу: Кабыр сыноосу деп, адамдын денесин кабырга койгондон соң, эки периштенин аны Раббиси, дини жана пайгамбары жөнүндө суракка тартуусуна айтылат. Бул сыноо учурунда Аллах момун

пенделерин өзгөргүс, бекем сөз менен кубаттайт. Ошондуктан момун: «Раббим-Аллах, диним-Ислам, пайгамбарым Мухаммад – деп айтат. Ал эми заалимдерди болсо, Аллах адаштырат (сурак мезгилинде) каапыр «А., а билбеймин» -дейт. Эки жүздүү же болбосо динден шек санаган киши болсо: «Билбеймин. Адамдар бирдемелер деп айтканын уккамын. Мен деле ошенткемин» -дейт.

Кабырдагы азап жана ырахат:

1) Кабыр азабы каапырлар, эки жүздүүлөрдөн болгон заалимдер үчүн даярдап коюлган. Бийик Аллах айтты:

**وَمَنْ أَظْلَمُ مِمَّنِ افْتَرَى عَلَى اللَّهِ كَذِبًا أَوْ قَالَ أُوحِيَ إِلَيَّ وَلَمْ يُوحَ إِلَيْهِ شَيْءٌ وَمَنْ قَالَ سَأُنْزِلُ مِثْلَ مَا أَنْزَلَ اللَّهُ وَلَوْ تَرَى إِذِ الظَّالِمُونَ فِي غَمَرَاتِ الْمَوْتِ وَالْمَلَائِكَةُ بَاسِطُو أَيْدِيهِمْ أَخْرِجُوا أَنْفُسَكُمُ الْيَوْمَ تُجْزَوْنَ عَذَابَ الْهُونِ بِمَا كُنْتُمْ تَقُولُونَ عَلَى اللَّهِ غَيْرَ الْحَقِّ وَكُنْتُمْ عَنْ آيَاتِهِ تَسْتَكْبِرُونَ**

**«Заалимдерди өлүм алдындагы оор, кыйынчылык мезгилинде бир көрсөң эле: «Периштелер (аларга) колдорун узатып минтет: «Жаныңарды бери чыгаргыла! Бүгүн Аллахка жалган сөздөрдү айтканыңардын жана Анын аяттарынан текеберлене жүз бурганыңар үчүн кордук азабы менен жазаланасыңар!»** *(Аньам сүрөсү, 93-аят).* Бийик Аллах Фараондун үй-бүлөсү жөнүндө мындай деген: «Алар эртели –кеч тозокко туш кылынышат. Кыямат күнүндө болсо, Фараондун үй-бүлөсүн эң катуу азапка киргизгиле» деп айтылат” (Гаафыр сүрөсү, 78-аят). Имам Муслимдин «Сахих» китебинде Зайд ибн Сабиттен риваят кылынат Ал айтты: «Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун): «Эгер силер бири-бириңерди көмүүчү болбогонуңарда, мен өзүм кээ бир уккан кабыр азабын силерге да угузуусун сурап Аллахка дуба кылар элем» - деди. Сахабалар: «Кабыр

азабынан Аллахтан коргоо сурайбыз» - дешти, ал айтты: "Кабыр азабынан Аллахтан коргоо тилегиле". "Кабыр азабынан Аллахтан коргоо тилейбиз" дешти. Айтты: «Көрүнгөн жана көрүнбөгөн жамандык, сыноолордон Аллахтан коргоо тилегиле». «Көрүнгөн жана көрүнбөгөн жамандык, сыноолордон Аллах сактасын» -дешти. Айтты: «Аллахтан Дажжалдын жамандыгынан, азгыруусунан коргоо тилегиле» "Дажжалдын жамандыгынан, азгыруусунан коргоо тилейбиз" - дешти.

2) Ал эми кабыр жыргалчылыгы чынчыл, берилген мусулмандар үчүн гана даярдап коюлган. Бийик Аллах айтты:

**إِنَّ الَّذِينَ قَالُوا رَبُّنَا اللَّهُ ثُمَّ اسْتَقَامُوا تَتَنَزَّلُ عَلَيْهِمُ الْمَلَائِكَةُ أَلَّا تَخَافُوا وَلَا تَحْزَنُوا وَأَبْشِرُوا بِالْجَنَّةِ الَّتِي كُنْتُمْ تُوعَدُونَ**

**«Раббибиз Аллах - деп, андан соң бекем турган пенделерге периштелер түшүп: «коркпогула, кайгырбагыла жана өзүңөргө убада кылынган Бейиштен сүйүнүчтө болгула» -дешет»** *(Фуссилат сүрөсү, 30-аят).* Бийик Аллах айтты: «Жан алкымга келсе,Силер тиктеп турган абалыңардаБиз ага (өлүп бараткан адамга) силерден жакыныраакпыз. Бирок силер көрбөйсүңөр. (Кана эле) эгер силер суралбай калсаңар-э ...?! Эгер силер чынчыл болсоңор (чыгып бара жаткан жаныңарды) денеңерге кайтара аласыңарбы? Эгер (өлгөн киши) Аллахка жакын кишилерден болсо, анда ага ырахат, көңүл сүйүнткөн жыргалчылык бейиш бар» *(Вакиа сүрөсү, 30-аят).* Бараа ибн Азиб айтты: «Аллахтын элчиси кабырында эки периштенин суроолоруна жооп берген момун жөнүндө мындай деди: «Асмандан үн угулуп: «Пендем туура сүйлөдү, анын ордун Бейиштен даярдап, ага Бейиш кийимдерин кийдиргиле жана Бейиш тарапка эшик ачкыла» - деп айтат.

Натыйжада ага Бейиштин ырахаттары жана жыпар жыттары алып келинет. Анын кабырын (мүрзөсүн) болсо, көз нуру жеткен жерге чейин кеңейттирилет»

Бараа ибн Азиб айтты: «Аллахтын элчиси кабырында эки периштенин суроолоруна жооп берген момун жөнүндө мындай деди:

«Асмандан үн угулуп: «Пендем туура сүйлөдү, анын ордун Бейиштен даярдап, ага Бейиш кийимдерин кийдиргиле жана Бейиш тарапка эшик ачкыла»-деп айтат. Натыйжада ага Бейиштин ырахаттары жана жыпар жыттары алып келинет.

Анын кабырын (мүрзөсүн) болсо, көз нуру жеткен жерге чейин кеңейттирилет»

Ыйманда адашкандар «мүмкүн эмес» деп, кайра тирилүүнү четке кагышты. Алар: "Эгер кабырды кайра казсак, аны мурда кандай болсо, ошондой эле турат, кенейбейт да, тарыбайт" деп айтышат.

Бул күмөндүн негизсиз экенине шарият, сезимдер жана акыл-эс далилдерди келтирет.

Шарияттын далилдери:

Кабыр азабы жана жыргалы жөнүндө өтө көп кабарлар айтылып өттү

Бухарийдин "Сахих" китебинде, Ибн Аббастан айтылган хадисте ал айтты:Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) Мадинанын курма бактарынын бирининен чыгып бара жатып, кабырларында азапталып жаткан эки адамдын добушун укту да... айтты: "Бул экөөнүн бири заара кылууда

этияттанбайт эле, экинчиси болсо, чагымчылык кылчу"Муслимдин риваятында: "(Кийимин, денесин) Заарасынан тазалабайт эле"

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) Мадинанын курма бактарынын бирининен чыгып бара жатып, кабырларында азапталып жаткан эки адамдын добушун укту да... айтты: "Бул экөөнүн бири заара кылууда этияттанбайт эле, экинчиси болсо, чагымчылык кылчу".

Муслимдин риваятында: "(Кийимин, денесин) Заарасынан тазалабайт эле" деп айтылган.

Ал эми сезимдердин далили:

Кээде уктап жаткан адам түшүндө кең, кооз рахат алган жерде же тар, коркунучтуу, кыйналган орунга түшүп калат да, андан чыга албай азап тартат. Кээде ошол абалында ойгонуп кетет. Жылуу, жумшак төшөгүндө жатканына карабастан, ушинтип кыйналат. Уйку өлүмдүн бир тууганы. Ошондуктан Аллах уйкуну "өлүм" деп атаган.

Бийик Аллах айтты:

**اللَّهُ يَتَوَفَّى الْأَنْفُسَ حِينَ مَوْتِهَا وَالَّتِي لَمْ تَمُتْ فِي مَنَامِهَا فَيُمْسِكُ الَّتِي قَضَى عَلَيْهَا الْمَوْتَ وَيُرْسِلُ الْأُخْرَى إِلَى أَجَلٍ مُسَمًّى إِنَّ فِي ذَلِكَ لَآيَاتٍ لِقَوْمٍ يَتَفَكَّرُونَ**

**"Өлөр мезгилде жанды Аллах алат. Өлбөгөндөрдүн жанын уйкуда алат. (Түшүндүрмө: уктап жатканда бардык сезим-туюмдарын, ой жүгүртүүлөрүн өлүк сыяктуу кылып токтотуп койот. Бул аятта Аллах уйкуну өлүм деп атады. Уйку кичи өлүм деген сөздүн далили ушул аятта келген) Ошондой эле, (уйкуда) өлүүгө өкүм кылынгандардын жанын (Аллах Өз) алдында алып**

**калат да, башкалардыкын белгилүү бир мөөнөткө чейин кайра жиберет"** *(Зумар сүрөсү, 42-аят).*

Ал эми акылда:

Адам уйкусунда чындыкка дал келген түштөрдү көрөт, кээде пайгамбарды (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) кээ бир сыпаттары менен көрөт. Ким аны сыпаттары менен көрсө, демек, чындап көргөн болот. Төшөгүндө жатып алып өтө алыстагы нерселерди көрүүсү мүмкүн. Мына ушундай абалдар ушул дүйнөдө болуп жаткан сон, акыретте кантип болбосун?

## Ал эми алардын кабырды кайра ачканда анда эч кандай өзгөрүү болбоду го деген күмөндөрүнө төмөндө бир канча жооп бар:

Биринчи: Негизсиз күмөндөр менен шариятта келген буйруктарга, кабарларга каршы чыгууга болбойт. Эгерде ошол шариятка каршы болуп жаткан киши акыйкат менен ойлонуп көрсө, бул күмөндөрдө эч бир чындык жок экендигин билмек. Мындай сөз бар:"Туура сөздү айыптаган канчалаган адамдар бар, алардын кемчилиги - туура эмес түшүнүк"

Экинчи: Кабыр жашоосу сезимден сырткары болуучу кайып ааламга кирет. Эгер сезиле турган иш болгондо, анда кайыпка ишенүүнүн пайдасы жок болмок жана кайыпка ишенген ыймандуу менен аны жокко чыгарган ыймансыздын айырмасы болбой калмак.

Үчүнчү: Кабырдын азабы жана жыргалы, кендиги жана тардыгы өлүктүн өзүнө гана билинет. Бул уктап жаткан адамдын жакшы, же жаман түш көргөнү сыяктуу эле. Анын

жанында жаткан адам тигинин кыйналганын да, жыргаганын да сезбейт. Кээде пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) сахабаларынын жанында отурганда ага Аллахтан кабар түшчү. Ал кабарды укчу, башкалар укчу эмес. Кээде периште ага адам кейпинде келип сүйлөчү, сахабалар аны укчу да, көрчү да эмес.

Төртүнчү: Макулуктардын акылы чектүү. Аллах берген, чектеген мүмкүнчүктө гана биле, түшүнө алат. Бардык нерсеге акылы жете берүү мүмкүн эч качан мүмкүн эмес. Жети кабат асман жана жер, андагы бардык макулуктар Аллахка тасбих, мактоо айтышат. Аны Аллах каалаганына кээде угузат. А бирок бизге бул нерселер угулбайт. Аллах муну бизге минтип айткан:

**تُسَبِّحُ لَهُ السَّمَاوَاتُ السَّبْعُ وَالْأَرْضُ وَمَنْ فِيهِنَّ وَإِنْ مِنْ شَيْءٍ إِلَّا يُسَبِّحُ بِحَمْدِهِ وَلَكِنْ لَا تَفْقَهُونَ تَسْبِيحَهُمْ إِنَّهُ كَانَ حَلِيمًا غَفُورًا**

**Аллахка жети асман, жер жана алардагы бардык (жандуу-жансыз) нерселер мактоо менен тасбих айтышат. Бирок, алардын тасбихтерин силер түшүнбөйсүңөр.** *(Исра сүрөсү, 44-аят).* Шайтандар жана жиндер ары-бери заматта барып келишет. Чынында жиндер Аллахтын элчисине келип, анын Куран окуганын тынчтанып, угуп анан коомдоруна эскертип кетишкен. Ага карабастан алар бизден тосулган. Ал туурасында Бийик Аллах мындай дейт:

**يَا بَنِي آدَمَ لَا يَفْتِنَنَّكُمُ الشَّيْطَانُ كَمَا أَخْرَجَ أَبَوَيْكُمْ مِنَ الْجَنَّةِ يَنْزِعُ عَنْهُمَا لِبَاسَهُمَا لِيُرِيَهُمَا سَوْآتِهِمَا إِنَّهُ يَرَاكُمْ هُوَ وَقَبِيلُهُ مِنْ حَيْثُ لَا تَرَوْنَهُمْ إِنَّا جَعَلْنَا الشَّيَاطِينَ أَوْلِيَاءَ لِلَّذِينَ لَا يُؤْمِنُونَ**

**«О, Адам урпактары, Шайтан ата-эненерди бейиштен чыгарып, уяттуу жерлери көрүнүп калуусу үчүн**

**кийимдерин чечип койгону сыяктуу, силерди да азгырып койбосун! Ал жана ага окшогондор (жиндер) силерди силер көрбөгөн тараптан көрүп турат. Чынында, Биз шайтандарды ыйман келтирбеген адамдарга дос-башчы кылып койдук" (Аьрафсүрөсү, 27-аят).**

Эгер инсан жана башка макулуктар бардык эле нерсени көрө албагандан кийин, кайыптан бекемделген өздөрү көрө албаган нерселерди кайтаруусу туура эмес.

*

# Тагдырга ыйман келтирүү

Кадар (тагдыр) – Бийик Аллахтын эзелки илими жана даанышмандыгы боюнча коюлган барлыктын өлчөмү демек.

## Тагдырга ыйман келтирүү төрт маселени өз ичине алат:

Биринчи: Бийик Аллах өзүнүн абалкы жана эзелки илими менен, барлыктагы бардык нерселердин тагдырын, алар жаралганга чейин эле билгенине ишенүү.Экинчи:Бардык нерселердин тагдырын Бийик Аллах «Лавхул Махфуз»га жазып койгонуна ишенүү. Бул айтылгандар жөнүндө Аллах мындай деген:

أَلَمْ تَعْلَمْ أَنَّ اللَّهَ يَعْلَمُ مَا فِي السَّمَاءِ وَالْأَرْضِ إِنَّ ذَٰلِكَ فِي كِتَابٍ إِنَّ ذَٰلِكَ عَلَى اللَّهِ يَسِيرٌ

**«Сен (Эй Мухаммад) Аллах асман жана жердеги бардык нерселерди билишин, бул нерселер Китепте (Лавхул Махвузда) жазылган экенин жана бул Аллахка оңой экенин билдиң го?»** *(Хаж сүрөсү, 70-аят).* Имам

Муслимди «Сахих» китебинде Абдуллах ибн Амр ибн Аас (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылынат: **«Ал айты: «Мен Аллахтын элчисинин минтип айтканын уктум:"Аллах жаратылган нерселердин тагдырын, жер жана асмандарды жаратуудан элүү миң жыл илгери жазып койгон»**

Үчүнчү: Бардык нерселер Аллахтын каалоосу менен гана болооруна ишенүү. Бийик Аллах айтты:

**وَرَبُّكَ يَخْلُقُ مَا يَشَاءُ وَيَخْتَارُ مَا كَانَ لَهُمُ الْخِيَرَةُ سُبْحَانَ اللَّهِ وَتَعَالَى عَمَّا يُشْرِكُونَ**

**"Сенин Раббиң Өзү каалаган нерсесин жаратат жана ыктыяр кылат"** *(Касас сүрөсү, 68-аят).*

Жана айтты:

**يُثَبِّتُ اللَّهُ الَّذِينَ آمَنُوا بِالْقَوْلِ الثَّابِتِ فِي الْحَيَاةِ الدُّنْيَا وَفِي الْآخِرَةِ وَيُضِلُّ اللَّهُ الظَّالِمِينَ وَيَفْعَلُ اللَّهُ مَا يَشَاءُ**

**"Аллах каалаган нерсесин жасайт»** *(Ибрахим сүрөсү, 27-аят).*

Жана айтты:

**هُوَ الَّذِي يُصَوِّرُكُمْ فِي الْأَرْحَامِ كَيْفَ يَشَاءُ لَا إِلَهَ إِلَّا هُوَ الْعَزِيزُ الْحَكِيمُ**

**« Ал (Аллах) силерге, энеңердин курсагында (болгонуңарда) кандай кааласа – ошондой сүрөт берет»** *(Аалы Имран сүрөсү, 6-аят).*

Жаратылгандардын бүткүл кылган нерселери жөнүндө Аллах мындай деген:

**إِلَّا الَّذِينَ يَصِلُونَ إِلَى قَوْمٍ بَيْنَكُمْ وَبَيْنَهُمْ مِيثَاقٌ أَوْ جَاءُوكُمْ حَصِرَتْ صُدُورُهُمْ أَنْ يُقَاتِلُوكُمْ أَوْ يُقَاتِلُوا قَوْمَهُمْ وَلَوْ شَاءَ اللَّهُ لَسَلَّطَهُمْ عَلَيْكُمْ فَلَقَاتَلُوكُمْ فَإِنِ اعْتَزَلُوكُمْ فَلَمْ يُقَاتِلُوكُمْ وَأَلْقَوْا إِلَيْكُمُ السَّلَمَ فَمَا جَعَلَ اللَّهُ لَكُمْ عَلَيْهِمْ سَبِيلًا**

**«Эгер Аллах кааласа силердин үстүңөрдөн аларга бийлик бермек да, алар силер менен согушууга чыкмак** *(Ниса сүрөсү, 90-аят).*

Жана айтты:

**وَكَذَلِكَ جَعَلْنَا لِكُلِّ نَبِيٍّ عَدُوًّا شَيَاطِينَ الْإِنْسِ وَالْجِنِّ يُوحِي بَعْضُهُمْ إِلَى بَعْضٍ زُخْرُفَ الْقَوْلِ غُرُورًا وَلَوْ شَاءَ رَبُّكَ مَا فَعَلُوهُ فَذَرْهُمْ وَمَا يَفْتَرُونَ**

**«Эгер Аллах кааласа алар мындай кылмак эмес. Аларды токуган дооматтары менен жөн кой»** *(Аньам сүрөсү, 112-аят).* Төртүнчү: Бардык нерселер өз заты, сыпаты жана аракеттери менен Бийик Аллахтын жаратылган макулуктары болуп саналат.Бийик Аллах айтты:

**اللَّهُ خَالِقُ كُلِّ شَيْءٍ وَهُوَ عَلَى كُلِّ شَيْءٍ وَكِيلٌ**

**«Аллах бардык нерсенин Жаратуучусу жана Аллах бардык нерсеге Өкүл-коргоочу»** *(Зумар сүрөсү, 62-аят).*

Аруу Аллах айтты:

**الَّذِي لَهُ مُلْكُ السَّمَاوَاتِ وَالْأَرْضِ وَلَمْ يَتَّخِذْ وَلَدًا وَلَمْ يَكُنْ لَهُ شَرِيكٌ فِي الْمُلْكِ وَخَلَقَ كُلَّ شَيْءٍ فَقَدَّرَهُ تَقْدِيرًا**

**«Аллах бардык нерселерди жаратты жана (аябай так) өлчөп койду»** *(Фуркан сүрөсү, 2-аят).* Бийик Аллах Куранда, Ибрахим (ага Аллахтын тынчтыгы жана саламаттыгы) өз коомуна мындай деп кайрылганын баяндаган

**وَاللَّهُ خَلَقَكُمْ وَمَا تَعْمَلُونَ**

**«Аллах силерди жана силердин иштериңерди жаратты»** *(Саффат сүрөсү, 96-аят).*

Тагдырга ыйман келтирүү, пенде өз ишине ылайык

ыктыяр жана мүмкүнчүлүк берилгендигине каршы келбейт. Буга шарияттан жана реал жашоодон далилдер бар

Шарияттын далилдери:

Бийик Аллах инсандын каалоо-ыктыяры жөнүндө мындай деген:

**ذَلِكَ الْيَوْمُ الْحَقُّ فَمَنْ شَاءَ اتَّخَذَ إِلَى رَبِّهِ مَآبًا**

**«Ким кааласа, кайтуу үчүн Раббисине жол алат»** *(Наба сүрөсү, 39-аят.)*

Жана айтты:

**نِسَاؤُكُمْ حَرْثٌ لَكُمْ فَأْتُوا حَرْثَكُمْ أَنَّى شِئْتُمْ وَقَدِّمُوا لِأَنْفُسِكُمْ وَاتَّقُوا اللَّهَ وَاعْلَمُوا أَنَّكُمْ مُلَاقُوهُ وَبَشِّرِ الْمُؤْمِنِينَ**

**«Аялыңарга өзүңөр каалаган тараптан келгиле»** *(Бакара сүрөсү, 223-аят).*

Ал эми, инсандын кудурети жөнүндө мындай деген:

**فَاتَّقُوا اللَّهَ مَا اسْتَطَعْتُمْ وَاسْمَعُوا وَأَطِيعُوا وَأَنْفِقُوا خَيْرًا لِأَنْفُسِكُمْ وَمَنْ يُوقَ شُحَّ نَفْسِهِ فَأُولَئِكَ هُمُ الْمُفْلِحُونَ**

**«Аллахтан кудуретиңер жеткенче такыбаа кылгыла (корккула)...»** *(Тагаабун сүрөсү, 16-аят).*

Жана айтты:

**لَا يُكَلِّفُ اللَّهُ نَفْسًا إِلَّا وُسْعَهَا لَهَا مَا كَسَبَتْ وَعَلَيْهَا مَا اكْتَسَبَتْ رَبَّنَا لَا تُؤَاخِذْنَا إِنْ نَسِينَا أَوْ أَخْطَأْنَا رَبَّنَا وَلَا تَحْمِلْ عَلَيْنَا إِصْرًا كَمَا حَمَلْتَهُ عَلَى الَّذِينَ مِنْ قَبْلِنَا رَبَّنَا وَلَا تُحَمِّلْنَا مَا لَا طَاقَةَ لَنَا بِهِ وَاعْفُ عَنَّا وَاغْفِرْ لَنَا وَارْحَمْنَا أَنْتَ مَوْلَانَا فَانْصُرْنَا عَلَى الْقَوْمِ الْكَافِرِينَ**

**«Аллах эч бир жанга күчү жетпеген нерсени жүктөбөйт. Анын жасаган нерсеси өзүнүн пайдасына же зыянына болот»** *(Бакара сүрөсү, 286-аят).*

Ал эми реалдуулуктун далили:

Албетте, ар бир инсан өзүнүн каалоосу, чектүү кудурети бар экенин билет жана өз каалоо-кудурети менен каалаган ишин жасайт, каалаганын жөн коет. Инсанга тиешелүү иштер эки түрлүү болот. Биринчисин өз каалоосу менен аткарат: жүрүү, туруу, олтуруу сыяктуу. Экинчиси: анын каалоосунан сырттагы иштер: коркcондо титиреп кетүү сыяктуу. Инсан бул эки ишти бири-биринен айырмалай алат. Ал эми, инсандын каалоосу жана кудурети Аллахтын гана каалоо-кудурети менен болот. Бийик Аллах айтты:

**لِمَنْ شَاءَ مِنْكُمْ أَنْ يَسْتَقِيمَ (28) وَمَا تَشَاءُونَ إِلَّا أَنْ يَشَاءَ اللَّهُ رَبُّ الْعَالَمِينَ**

**Силердин араңардан оңолууну каалгандар үчүн (эскертүү!) Силер бардык ааламдардын Раббиси Аллах каалаган нерсени гана каалайсыңар»** *(Таквир сүрөсү, 28-29-аяттар).*

Анткени, бардык ааламдар жалгыз Аллахтын мүлкү. Анын жеке менчик мүлкүндө Анын каалоосу жана илимисиз эч бир нерсе болбойт.

## Бирок, тагдырды мындай түшүнүү пенделер үчүн күнөө иштерди (Аллахка шилтеп коюп) кыла берүүсүнө далил болбойт.

Биринчи:Бийик Аллахтын сөзү:

**سَيَقُولُ الَّذِينَ أَشْرَكُوا لَوْ شَاءَ اللَّهُ مَا أَشْرَكْنَا وَلَا آبَاؤُنَا وَلَا حَرَّمْنَا مِنْ شَيْءٍ كَذَلِكَ كَذَّبَ الَّذِينَ مِنْ قَبْلِهِمْ حَتَّى ذَاقُوا بَأْسَنَا قُلْ هَلْ عِنْدَكُمْ مِنْ عِلْمٍ فَتُخْرِجُوهُ لَنَا إِنْ تَتَّبِعُونَ إِلَّا الظَّنَّ وَإِنْ أَنْتُمْ إِلَّا تَخْرُصُونَ**

**«Тез арада мушриктер: «Эгер Аллах кааласа биз да ата-бабаларыбыз да ширк келтирбейт элек жана эч нерсени арам кылбайт элек» - дешет. Алардан**

**илгеркилер дагы дал ушундай калп айтышып, Биздин азапты тарткан. (Эй Мухаммад) Сен аларга: «Силерде (бул жөнүндө) илим барбы? Бизге аны көргөзөсүңөрбү? Силер болгону шек-күмөнгө жетеленип жатасыңар. Силер болгону божомолдоп гана жатасыңар»-дегин»** *(Аньам сүрөсү, 148-аят).*

Эгер мушриктердин тагдырга шилтегени туура болгондо, Аллах аларга азабын жибербейт эле.

Экинчи: Бийик Аллахтын сөзү:

**رُسُلًا مُبَشِّرِينَ وَمُنْذِرِينَ لِئَلَّا يَكُونَ لِلنَّاسِ عَلَى اللَّهِ حُجَّةٌ بَعْدَ الرُّسُلِ وَكَانَ اللَّهُ عَزِيزًا حَكِيمًا**

**«Адамдар үчүн – пайгамбарлардан соң – Аллахка каршылыктуу далил болбосу үчүн, пайгамбарларды эскертүүчү жана сүйүнүч кабарын берүүчү кылып жибердик...»** *(Ниса сүрөсү, 165-аят).*

Эгерде тагдырга ыйман келтирбөөчүлөрдүн «биздин бул ишибиз-тагдыр» деп актануулары чын болсо, Аллах аларга эскертүүчү пайгамбарлардын келүүсү менен токтоп калбайт болчу. (Пайгамбарлардын келүүсү менен алардын китептеринде адамга ыктыяр берилгендиги, кылган күнөөсүн тагдырга шылтоо туура эмес экендиги баяндалып, тагдырга шылтоочулардын далили жокко чыгарылган)

Үчүнчү: Бухарий жана Муслим келтирген, бул риваят Бухарийге таандык - Али ибн Абу Талиптен (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылынат, айтты Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун): Ар бириңердин Бейиштеги же тозоктогу ордуңар (тагдырда) жазылган»Эл арасынан бирөөсү: «андай болсо, ошол тагдырга таянып эле койбойлубу? Оо, Аллахтын

элчиси» - деп сурады.Анда пайгамбар: «Жок. Амал кылгыла. Ар бир кишиге (эмнеге жаратылган болсо, ошого) жеңилдетилген»-деди. Андан соң (мына бул аятты) окуду:

فَأَمَّا مَنْ أَعْطَى وَاتَّقَى

**«Эми, ким (садака) берсе жана такыбаа болсо..., (жана да жакшылыкты (ыйман, динди) тастыктаса –Биз аны оңой жолго (ага бардык иштеринде ийгилик берип, жеңилдетебиз) салабыз)"** *(Лайл сүрөсү, 5-аят).* Ал эми Муслимдин риваятында ар бир кишиге эмнеге жаратылган болсо, ошого жеңилдетилген. Пайгамбарыбыз Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) амал кылууга буюруп, тагдырга шылтап коюууга тыюуу салган.

Төртүнчү: Бийик Аллах пенделерин кудурети жетип, аткарууга мүмкүнчүлүгү болгон гана нерселерди буюрду Бийик Аллах айтты:

فَاتَّقُوا اللَّهَ مَا اسْتَطَعْتُمْ وَاسْمَعُوا وَأَطِيعُوا وَأَنْفِقُوا خَيْرًا لِأَنْفُسِكُمْ وَمَنْ يُوقَ شُحَّ نَفْسِهِ فَأُولَئِكَ هُمُ الْمُفْلِحُونَ

**«Күчүңөр жеткенче Аллахтан такыбаа кылгыла»** *(Тагаабунсүрөсү, 16-аят).*

Жана айтты:

لَا يُكَلِّفُ اللَّهُ نَفْسًا إِلَّا وُسْعَهَا لَهَا مَا كَسَبَتْ وَعَلَيْهَا مَا اكْتَسَبَتْ رَبَّنَا لَا تُؤَاخِذْنَا إِنْ نَسِينَا أَوْ أَخْطَأْنَا رَبَّنَا وَلَا تَحْمِلْ عَلَيْنَا إِصْرًا كَمَا حَمَلْتَهُ عَلَى الَّذِينَ مِنْ قَبْلِنَا رَبَّنَا وَلَا تُحَمِّلْنَا مَا لَا طَاقَةَ لَنَا بِهِ وَاعْفُ عَنَّا وَاغْفِرْ لَنَا وَارْحَمْنَا أَنْتَ مَوْلَانَا فَانْصُرْنَا عَلَى الْقَوْمِ الْكَافِرِينَ

**«Аллах ар бир жанды кудуретинен ашыкча ишке буюрбайт»** *(Бакара сүрөсү, 286-аят).*

Эгреде пенде өзүнүн кылган ишинде ыктыяры жок

мажбур деп айтылса. Анда пендеге кудурети жетпеген нерсе жүктөлгөн болуп калмак. Аббетте бул туура эмес. (Жогоруда айтып өткөндөй: пендеге ыктыяр берилген. Ага кудурети жеткен нерсе гана жүктөлгөн) Ошондуктан пенде атайлабастан, чын эле унутуп же мажбурланып же билбей калып күнөө жасаса, шарият бул абалдарда андай адамды үзүрлүү катары карайт.

Бешинчи: Аллахтын тагдыры-бул сыр. Кайсы бир нерсе болгондон кийин гана тагдырда бар экенин билебиз. Пенденин каалоосу ишинен алдын болот. Демек, анын бир ишти каалаганы, ошол иш анын тагдырында бар экенин билгенине негизделбейт. Ошондой болгон соң адам (пенде) өзү билбеген нерсесин (тагдырды) күнөө иштерине шылтоо кылганы далилге жатпайт.Алтынчы:Биз жакшы билебиз: инсан дүйнө иштеринде (соода-сатык ж.б.) өзүнө жаккан ишти жасайт, жакпаганын жасабайт жана бул (акылман) ишин тагдырга шилтебейт (өзүмдүн акылдуу тандоомдон дейт). Ал эми дин иштеринде болсо, өзүнө пайдалуу жолдон зыяндуу жолго бурулуп кетет да, анан «тагдыр ушул экен» - деп тагдырга шилтейт. Эмне үчүн? Экөө бирдей эле маселе эле го?! Муну түшүндүрүү үчүн мисал келтиребиз:Бир адамдын алдында эки жол бар. Биринчиси кооптуу, коркунучтуу, бузукулук, адам өлтүрүү, ачарчылык бийлеген шаарга,Экинчи:Тазалык, тынчтык, береке бийлик кылган шаарга алып барат. Эми акылдуу адам кайсыл жолду тандайт?

Ооба. Экинчисин тандайт. Ал тынч, тартип өкүм сүргөн берекелүү болуп жатпайбы. Акылы бар адам эч качан коркунуч, бузукулук болгон шаарды тандабайт. Бейиш менен тозоктун мисалы дагы ушул эки шаардын мисалындай. Бирок эмнегедир адам-пенде бул маселеде

коркунуч өкүм кылган Тозок жолун тандап алат дагы «тагдырым ушул экен» - деп тагдырга шылтайт. А акылы каякта эле?!

Дагы башка мисал:Ооруган адам даарыгер дайындаган дарыларды каалабаса да ичет жана даарыгер тыюу салган тамактарды – напси каалап турса да – жебейт. Мунун баары шыпаа жана саламаттыкка жетүү үчүн кылынат. Белгилүү болгондой эле инсан пайдалуу болгон даарыдан баш тартып, же зыян берген тамакты жеп бул кылыкты тагдыгдырга шылтабайт. Ошондой болгон соң анда эмне үчүн ошол адам – анын пайдасы үчүн Аллах тыюуу салган күнөө иштерди жасай берет дагы «тагдырым ушул» деп тагдырга шилтеп койот?!

Ооруган адам даарыгер дайындаган дарыларды каалабаса да ичет жана даарыгер тыюу салган тамактарды – напси каалап турса да – жебейт. Мунун баары шыпаа жана саламаттыкка жетүү үчүн кылынат. Белгилүү болгондой эле инсан пайдалуу болгон даарыдан баш тартып, же зыян берген тамакты жеп бул кылыкты тагдыгдырга шылтабайт. Ошондой болгон соң анда эмне үчүн ошол адам – анын пайдасы үчүн Аллах тыюуу салган күнөө иштерди жасай берет дагы «тагдырым ушул» деп тагдырга шилтеп койот?!

Жетинчи: Милдеттүү түрдө жүктөлгөн буйрукту таштап тагдырды далил кылган адамга: «Эгер Аллахка буюрган ибадаттарды кылбай, тетирисинче кайтарган күнөө иштерин жасап, ушул ишин тагдырга шилтеп коюп жүргөн адамдын үйүн каракчылар басып, дүйнөсүн талап, абийрин төгүп:»менден капа болбо менин зомбулугум Аллахтын тагдыры менен болду» - десе, ал киши муну кабылдай албайт. О, пенде! Өзүнүн укугуна зомбулук жасалса, тагдырга ынабай, анын өзү Аллахтын укугун бузуп,

күнөө иштерди жасап коюп: «Тагдырым» деп, басып жүрөт!!!

Риваят кылынышынча халифа Умар ибн Хаттаптын алдына бир ууруну алып келишти. Момундардын эмири анын колун кесүүгө өкүм кылды. Анда ууру: «эй момундардын эмири, шашылба! Мен акыры Аллахтын тагдыры менен уурулук кылгам!-дегенде халиф «Биз дагы Аллахтын тагдыры менен колуңду кесебиз»-деп жооп берген экен.

## Тагдырга ыйман келтирүүнүн чоң пайдалары бар, мисалы:

Биринчи: Бир ишке киришип, анын себептерин кылууда, Аллахтын Өзүнө таянуу керек. Себептерге эмес, анткени, бардык иш Аллахтын тагдыры менен болот.

Экинчи: Тагдырга ыйман келтирген адам өз максатына жетишсе, оолугуп кетпейт. Бул жеңиш Аллахтын тагдыры менен болду дейт дагы Аллахка шүгүр кылат. Адамдын текеберленүүсү шүгүрдү унуттурат.

Үчүнчү: Тагдырга ишенген адамдын көңүлү бейпил болот. Ал сүйгөн нерсеси болбой калса же жактырбаган иши болуп кетсе «өз майына куурулбайт». Анткени, ал «бардыгы Аллахтын каалоосу – тагдыры менен экен-болмок жана болду» -деп ишенет. Бийик Аллах айтты:

**مَا أَصَابَ مِنْ مُصِيبَةٍ فِي الْأَرْضِ وَلَا فِي أَنْفُسِكُمْ إِلَّا فِي كِتَابٍ مِنْ قَبْلِ أَنْ نَبْرَأَهَا إِنَّ ذَلِكَ عَلَى اللَّهِ يَسِيرٌ (22) لِكَيْلَا تَأْسَوْا عَلَى مَا فَاتَكُمْ وَلَا تَفْرَحُوا بِمَا آتَاكُمْ وَاللَّهُ لَا يُحِبُّ كُلَّ مُخْتَالٍ فَخُورٍ**

**"Жердеги жана силердеги бардык кайгылар Биз жаратпай туруп эле китепте (лавхул Махфузда жазылган) эле. Бул-Аллахка жеңил.Силер жетпеген нерсеңерге кайгырбашыңар жана сага (Аллах) берген нерсеге текеберленип кетпешиңер үчүн (эскерттик). Аллах текебер, мактанчаак адамдарды сүйбөйт"** *(Хадид сүрөсү, 22-23-аяттар)***.** Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) айтты: "Момундун ишине таң каламын. Анын бардык иши – жакшылык. Мындай болушу момун үчүн гана. Эгер кубаныч жетсе –шүгүр кылат. Эгер зыян жетсе –сабыр кылат. Бул ал үчүн жакшы».

## Тагдырга ыйман келтирүүдө эки тайпа адамдар адашып кетишкен.

Биринчи тайпа жабария жамааты. Алар: «Инсанга ыктыяр берилген эмес. Ар бир инсан кылган ишин мажбур абалда кылат» Ал кылган ишинде өзүнүн каалоо, кудурети жок» - дешет.

Экинчи: Кадария жамааты, алар: «Инсан өзү каалагандай ыктыяр кылат. Аллахтын каалоо, кудуретинин инсанга эч кандай таасири жок» - деп айткан жамаат.

Биз жабрия тайпасына төмөндө шарият жана реалдуулук далилдери менен жооп беребиз:

Шарияттын далилдери:

Аллах пендеге каалоо эркиндигин берип, амал кылууга да кудуреттүү экендигин баяндаган. Бийик Аллах айтты:

**إِذْ تُصْعِدُونَ وَلَا تَلْوُونَ عَلَى أَحَدٍ وَالرَّسُولُ يَدْعُوكُمْ فِي أُخْرَاكُمْ فَأَثَابَكُمْ غَمًّا بِغَمٍّ لِكَيْلَا تَحْزَنُوا عَلَى مَا فَاتَكُمْ وَلَا مَا أَصَابَكُمْ وَاللَّهُ خَبِيرٌ بِمَا تَعْمَلُونَ**

**«Силердин кээ бирөөңөр дүйнөнү, кээ бирөөңөр акыретти каалайт»** *(Аалы Имран сүрөсү, 152-аят).*

Бийик Аллах айтты:

**وَقُلِ الْحَقُّ مِنْ رَبِّكُمْ فَمَنْ شَاءَ فَلْيُؤْمِنْ وَمَنْ شَاءَ فَلْيَكْفُرْ إِنَّا أَعْتَدْنَا لِلظَّالِمِينَ نَارًا أَحَاطَ بِهِمْ سُرَادِقُهَا وَإِنْ يَسْتَغِيثُوا يُغَاثُوا بِمَاءٍ كَالْمُهْلِ يَشْوِي الْوُجُوهَ بِئْسَ الشَّرَابُ وَسَاءَتْ مُرْتَفَقًا**

**«Айткын: «Чындык Раббиңер тараптан ким кааласа – ыйман келтирсин, ким кааласа каапыр болсун. Акыйкатта Биз залимдер үчүн Тозокту даярдап койдук. Анын алоолору залимдерди курчап алат»** *(Кахф сүрөсү,*

*29-аят).*

Бийик Аллах айтты:

**مَنْ عَمِلَ صَالِحًا فَلِنَفْسِهِ وَمَنْ أَسَاءَ فَعَلَيْهَا وَمَا رَبُّكَ بِظَلَّامٍ لِلْعَبِيدِ**

**«Ким салих – жакшы амал кылса -өз пайдасы үчүн. Ким жамандык кылса-өзүнүн зыянына. Раббиң Өз пенделерине зулум кылуучу эмес»** *(Фуссилат сүрөсү, 46-аят).*

Ал эми реалдуулуктун далили: Ар бир адам өз ыктыяры менен болчу жеп-ичүү, уктап-туруу, соода-сатык сыяктуу иштери менен ыктыярынан сырттагы ысытма, оруу абалында титиреп-какшоо, кулап кетүү сыяктуу иштердин арасын ажырата алат. Ал биринчи абалда ыктыярдуу, экинчисинде ыктыярсыз. (Жабариялар болсо бардыгы ыктыярсыз деп ойлошот).

Кадарияларга да шарият менен акыл-эстенжооп айтып, далил келтиребиз.

Шарияттын далилдери: Бийик Аллах бардык нерселердин Жаратуучусу. Бардык нерсе Анын каалоосу менен гана жаралат. Бийик Аллах Өз китебинде пенделердин амал-иштери Өзүнүн (Аллахтын) каалоосу менен гана болушун айткан:

**تِلْكَ الرُّسُلُ فَضَّلْنَا بَعْضَهُمْ عَلَى بَعْضٍ مِنْهُمْ مَنْ كَلَّمَ اللَّهُ وَرَفَعَ بَعْضَهُمْ دَرَجَاتٍ وَآتَيْنَا عِيسَى ابْنَ مَرْيَمَ الْبَيِّنَاتِ وَأَيَّدْنَاهُ بِرُوحِ الْقُدُسِ وَلَوْ شَاءَ اللَّهُ مَا اقْتَتَلَ الَّذِينَ مِنْ بَعْدِهِمْ مِنْ بَعْدِ مَا جَاءَتْهُمُ الْبَيِّنَاتُ وَلَكِنِ اخْتَلَفُوا فَمِنْهُمْ مَنْ آمَنَ وَمِنْهُمْ مَنْ كَفَرَ وَلَوْ شَاءَ اللَّهُ مَا اقْتَتَلُوا وَلَكِنَّ اللَّهَ يَفْعَلُ مَا يُرِيدُ**

**«Эгер Аллах кааласа – баяндар келген соң – алардан кийинки адамдар согушпайт болчу. Бирок, алар келише албай калышты. Кээ бирөөлөрү ыйман келтирип, кээ бирөөлөрү каапыр болушту. Эгер Аллах**

**каалаганда алар согушпайт эле. Бирок, Аллах Өзү каалаган нерсесин жасайт»** *(Бакара сүрөсү, 253-аят***)**.

Бийик Аллах айтты:

**وَلَوْ شِئْنَا لَآتَيْنَا كُلَّ نَفْسٍ هُدَاهَا وَلَكِنْ حَقَّ الْقَوْلُ مِنِّي لَأَمْلَأَنَّ جَهَنَّمَ مِنَ الْجِنَّةِ وَالنَّاسِ أَجْمَعِينَ**

**«Эгер Биз кааласак ар бир жандын өзүнө туура жолун бермекпиз. Бирок, Мен тараптан (аларга) өзгөрүүсүз сөз (буйрук,чечим) болду. Шексиз Мен тозокту адамдар менен жиндердин көп жамааты менен толтурамын»** *(Сажда сүрөсү, 13-аят).*

Ал эми акылда: Бүтүн барлык Аллахтын мүлкү. Инсан ушул барлыктын бир гана бөлүгү. Демек, ал дагы Аллахтын мүлкү. Мүлк (кул) кожоюндун каалоосу менен гана иш аткарат.

*

# Ислам ишениминин максаттары.

«Максат» сөзүнүн бир мааниси «умтулуу үчүн көздө тутулган нерсе» дегени.

## Ислам ишениминин максаттарынан кээ бирөөлөрү төмөндөгүлөр:

Биринчиден: Ниет жана ибадатты Аллахтын Өзү үчүн ылас менен кылуу. Анткени, Аллах шериксиз Жаратуучу. Демек, максат жана ибадат Анын өзү үчүн гана болуш керек.

Экинчиден: Акыл жана пикирди ыймансыздыктан келүүчү бей-баш ойлордон тазалоо. Анткени, ишеним-ыймандан бош жүрөк көрүнгөн, билинген нерселерге сыйынат жана ар кандай адашуучулуктар менен толтура

болот.

Үчүнчүдөн: Адамдын пикириндеги жана жан-дүйнөсүндөгү ырахаттуулукЫймандуу адам ой-пикиринде жана руханий жан-дүйнөсүндө стресстерге кабылбайт. Анткени, ыйман мусулман кишини өз Раббиси менен байланыштырат. Натыйжада ыймандуу адам Бийик Аллахты, жашоону эрежелештирүүчү кожоюн жана мыйзам түзүп берүүчү. Аким деп ыраазы болот. Жүрөгү Аллахтын тагдырынан канаттанат жана ислам динине кенен ачылат. Ал (момун) бул руханий азыктарга бедел (башкасын) издебейт.

Төртүнчүдөн: Аллахка ибадат кылуу жана адамдар менен мамиле кылууда момундун максаты жана иштери ар кандай адашуучулуктан таза болот. Анткени, момун адам ар кимдердин оюнан туура эмес нерселерге эмес, таза максат менен таза амалды гарантиялай турган пайгамбарлардын жолуна ээрчийт.

Бешинчиден:Иштердеги бекемдик жана салабаттуулук Бейишке жетүү үчүн ыймандуу адам сооп болгон иштерди эмне чарасын таап болсо да жасайт. Тозоктон корккону үчүн күнөө иштерге жетеленбей бекем, салабаттуу турат. Анткени бул кишинин акыретке, бардык нерселерге жакшы-жаман жаза берилүүсүнө болгон ыйманынын негизинде жогорку иштерди жасап жатат. Бийик Аллах айтты:

وَلِكُلٍّ دَرَجَاتٌ مِمَّا عَمِلُوا وَمَا رَبُّكَ بِغَافِلٍ عَمَّا يَعْمَلُونَ

**«Ар бир адамдын жасаган ишине жараша даражалары болот. Раббиң (пенделер) жасап жаткан иштерден кабарсыз эмес»** *(Аньам сүрөсү, 132-аят).* Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) момундарды өз максаттарына жетүүгө

төмөнкү сөздөрү менен шыктандырган: «Күчтүү момун алсыз момунга караганда Аллахка жакшыраак жана сүйүктүүрөөк. Алардын экөөсүндө тең жакшылык бар. Өзүңө пайдалуу болгон нерсеге умтул, Аллахтан жардам сура, жана алсыз болбо. Эгер сага бир кайгы – капа жетсе: « Эгер тигиндей кылсам, мындай болоор эле»-деп айтпа». Аллах тагдыр кылыптыр. Ал Өз каалаганын жасайт «-дегиле. Анткени, «Эгер» деген сөз шайтандын амалдарына жол ачат».

Алтынчыдан: Өз динин орнотуу жана дин негиздерин бекемдөө үчүн өзүнүн бардык кымбат баалуу нерселерин курман кыла ала турган жана ушул жолдо жеткен ар кандай кыйынчылыктарга сабыр кыла турган кудуреттүү үммөттү тарбиялоо. Бийик Аллах айтты:

إِنَّمَا الْمُؤْمِنُونَ الَّذِينَ آمَنُوا بِاللَّهِ وَرَسُولِهِ ثُمَّ لَمْ يَرْتَابُوا وَجَاهَدُوا بِأَمْوَالِهِمْ وَأَنْفُسِهِمْ فِي سَبِيلِ اللَّهِ أُولَئِكَ هُمُ الصَّادِقُونَ

**«Аллах жана Анын элчисине ыйман келтирген жана Аллах жолунда малдары, жандары менен жихад кылган адамдар, ошолор гана чынчыл-берилген адамдар»** *(Хужурат сүрөсү, 15-аят).*

Жетинчиден: Жеке адамдарды жана коомду тазартуу менен эки дүйнө бакыт-таалайына жана Аллахтын ыраазычылыгына жетишүү. Аллах айтты:

مَنْ عَمِلَ صَالِحًا مِنْ ذَكَرٍ أَوْ أُنْثَى وَهُوَ مُؤْمِنٌ فَلَنُحْيِيَنَّهُ حَيَاةً طَيِّبَةً وَلَنَجْزِيَنَّهُمْ أَجْرَهُمْ بِأَحْسَنِ مَا كَانُوا يَعْمَلُونَ

**«Момун болуп жакшы амалдарды кылган эркек жана аялдарды Биз жакшы жашоо беребиз жана аларды, кылган амалдарынан жакшыраак сыйлыктар менен сыйлайбыз»** *(Нахл сүрөсү, 97-аят).*

Булар Ислам ишениминин максаттарынан кээ бирөөлөрү гана.

Ааламдардын Башкаруучусу Аллахка мактоо, пайгамбарыбыз Мухаммадка, анын үй-бүлөсүнө жана жалпы сахабаларына Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун.

# Мазмуну:

**Ислам акыйдасы жөнүндө кыскача түшүнүк** ......................2

Кириш сөз ......................4

Ислам дини ......................5

Ислам негиздери ......................10

Ислам акыйдасынын (ыймандын) негиздери: ......................14

Аллахка ыйман келтирүү ......................15

Аллахтын бар экенине шарият жана адамдын таза табияты, акыл-эси, сезимдери далилдейт. ......................15

Аллахтын бар экенине акыл-эстин далили мындайча, 16

Аллахтын барлыгына шарияттын далилдери. ......................17

Аллахтын бар экенине сезимдерден далилдер. ......................18

Бийик Аллах алардын бул жоругун эки далил менен жокко чыгарды. ......................26

Ыймандын бул маселесинде эки тайпа адамдар адашып кетишкен. ......................30

Биринчи тайпа: Муьаттилалар «Аллахка ысым-сыпаттарды дайын кылуунун кереги жок. Эгер Аллахка

(көрүү, угуу, кол, жүз сыяктуу) ысым-сыпаттар дайын (исбат) кылынса, анда Аллахты башка макулуктарга окшотуу болуп калат» дешет. Бул ой бир канча тараптан туура эмес....30

Жана айтышты «Аллах пенделерим түшүнүшсүн деп, Куранда Өзүнүн ысым-сыпаттарын пенделеринин ысым-сыпаттарына оп-окшош кылып атады. Демек, (Куран айткан соң) Аллахтын ысым-сыпаттары пенденин ысым-сыпаттарына окшош болот» -дешти. Бул дагы өтө орой каталык....31

Жогоруда баяндагандай Бийик Аллахка ыйман келтирүүнүн чоң пайдалары бар: ....32

Периштелерге ыйман келтирүү....32

Периштелерге ыйман келтирүү төрт маселени өз ичине алат....33

Периштелерге ыйман келтирүүнүн чоң пайдалары бар. Алардан: ....35

Китептерге ыйман келтирүү....38

Китептерге ыйман келтирүү төрт нерсени өз ичине алат....38

Китептерге ыйман келтирүү төмөндөгүчө пайдаларды берет:....39

Элчилерге (пайгамбарларга) ыйман келтирүү ....40

Пайгамбарларга ыйман келтирүү төрт нерсени өз ичине алат....44

Пайгамбарларга ыйман келтирүүнүн чоң пайдалары бар, мисалы: ....46

Акырет күнүнө ыйман келтирүү ....48

Акыретке ыйман үч маселени өз ичине алат: ....................48

Пайгамбарларга ыйман келтирүүнүн чоң пайдалары бар, мисалы: ........................................................................................54

Сезимдердин далили: Бийик Аллах ушул эле дүйнөдө өлүктөрдү кайра тирилтүүсүн көргөзгөн. «Бакара» сүрөсүндө буга беш мисал бар. ........................................................54

Кайра тирилтүүнүн чындык экенине акыл-эстин далили эки тараптуу: ......................................................................58

Акырет күнүнө ыйман келтирүүнүн курамына ................59

Ал эми алардын кабырды кайра ачканда анда эч кандай өзгөрүү болбоду го деген күмөндөрүнө төмөндө бир канча жооп бар: ...........................................................................................64

Тагдырга ыйман келтирүү ...............................................................66

Тагдырга ыйман келтирүү төрт маселени өз ичине алат: ...............................................................................................66

Бирок, тагдырды мындай түшүнүү пенделер үчүн күнөө иштерди (Аллахка шилтеп коюп) кыла берүүсүнө далил болбойт. ................................................................................................70

Тагдырга ыйман келтирүүнүн чоң пайдалары бар, мисалы: ............................................................................................76

Тагдырга ыйман келтирүүдө эки тайпа адамдар адашып кетишкен. ..........................................................................77

Ислам ишениминин максаттары. ..................................................79

Ислам ишениминин максаттарынан кээ бирөөлөрү төмөндөгүлөр: ...........................................................................79

نتشر الإسلام بأكثر من 100 لغة

موسوعة القرآن الكريم
QuranEnc.com

موسوعة تضم تفاسير وتراجم موثوقة لمعاني القرآن الكريم

موسوعة الأحاديث النبوية
HadeethEnc.com

موسوعة تضم ترجمات للأحاديث النبوية وشروحها بعدة لغات

موسوعة المصطلحات الإسلامية
TerminologyEnc.com

موسوعة تضم ترجمات المصطلحات الإسلامية وشروحها بعدة لغات

منتقى
المحتوى الإسلامي

موسوعة تضم المنتقى من المحتوى الإسلامي باللغات

IslamHouse.com

مرجعية مجانية إلكترونية موثوقة للتعريف بالإسلام

جمعية خدمة المحتوى الإسلامي باللغات

جمعية الدعوة وتوعية الجاليات بالربوة

Rabwah

نبذة في العقيدة الإسلامية